Цена
С кырг
К 17

Азыркы адабият

Эсенбай КАЛДАРОВ

# МЕЗГИЛ
# жана
# БИЗ



Формуляр книги
482275
Калдаров Э.
Биз.

Скырг.
К 17.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

Эсенбай КАЛДАРОВ

# МЕЗГИЛ
## ЖАНА
# БИЗ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 482275

«Турар»
Бишкек 2019

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
К 17

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын алкагында жарык көрдү.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата чыгарылды.

**Редкеңеш:**

*Ажыматов З.* — *Көкөева А.*
*Андашев Д.* — *Рысбаев С.*
*Асаналиев М.* — *Ишекеев Н.*
*Асанбаев Н.* — *Ишеналиева А.*

К 17 **Калдаров Эсенбай.**
**Мезгил жана биз**: *Ырлар, тамсилдер, сатиралар, пародиялар*. – Б.: Турар, 2019. 112 б.

ISBN 978-9967-15-884-9

Китепке белгилүү журналист, көп кырдуу талант ээси, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер **Эсенбай Калдаровдун** 1975-жылдан баштап 2009-жылга чейинки гезит-журналдарга жарыяланган ырлары жана тамсилдери, сатиралык ырлары менен пародиялары топтоштурулду.
Китеп окурмандардын кеңири катмарына арналат.

К 4702300200-19
ISBN 978-9967-15-884-9

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Эсенбай Калдаров, 2019
© КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, 2019

# Ырлар

## АТАМА

Суукту да, ысыкты тоготпой,
Көп бастың турмуштун жолдорун.
Жашыңдан кой багып талыкпай,
Жайладың кыргыздын тоолорун.

Карасам чачтарың агарган,
Картайып бараткан экенсиң.
Бирок да карыдым дебестен,
Дагы эле турмушка бекемсиң.

## ЫСЫК-КӨЛ

Сен жөнүндө кимдер жазбады,
Көркүңдү айтып көңүл түшүрүп.
Аздык кылат анын бүт баары,
Билген жанга баркың түшүнүп.

Көл деп келет улам сагынып,
Байыр алып сага көнгөндөр.
Жыл айланбай кайра кайрылып,
Салам айтат жыргап жүргөндөр.

Бакытына кыргыздын жаралганбы?
Бардыгыбыз шашабыз эс алууга.
Туш тараптан туристтер келет дайым,
Тактоо кыйын, көп адам эс алууда.

## СУЛТАН АГАЙГА[1]

Султан агай султан адам чынында,
Сейрек келчү бу өмүрдө – кылымда.
Эң биринчи менчик окуу жай ачып,
Эрдик кылды эгемендик жылында.

Убагында уу-дуу сөзгө алынды,
Улуу ишти улап жатып чабылды.
Керсейгендер кеп айтышты азил-чын:
«Койчу ушуну...», айтор, сынга кабылды.

[1] С.Мамбеткалиев – академик, Кыргыз Эл мугалими, Чүй университетинин негиздөөчүсү.



Көк жал агай көксөгөнүн бербеди,
Көпчүлүккө: «Көрсөтөмүн мен» - деди.
Билим үчүн бийик максат аркалап,
Бир айтылбай миң айтылды жеңгени.

Баш-көз болуп акыл-насаат сөз менен,
Бардыгына карайт тегиз көз менен.
Боор тартып «жардам кылсам» деп турат,
Болбойт анда өгөй деген, өз деген.

Шакирти көп таалим-сабак алышкан,
Шаар беттей чоң кызматта калышкан.
Алды спикер, академик, министр,
Арты акын көркөм китеп жазышкан.

Чылымды көп чеккени эле болбосо,
Чындык үчүн ызгаар суук, борошо.
Кемтигиңди көзгө сайып турса да,
Кечиримдүү, айтат дайым «хорошо».

Учур келди урмат-сыйга бөлөнөр,
Улуу-кичүү маарекеде күбөлөр.
Жакшы адамдын жакшылыгын карачы,
Жайнайт бүгүн шагы ийилген мөмөлөр.

Алтымыш беш! Алга чамдап бараткан,
Агай үчүн дагы бир зор атат таң.
Улуу сапар карыбасын, улансын,
Узак өмүр берсин сизге Жараткан!..

## ТОЙДО

Той башталды!
Чычым балдар чурулдап,
ээ-жаа бербейт,
чоң-кичүүгө карашпайт.
Тойдун ээсин тополоңго түшүрүп
«томук жейм» деп
түн күзөтүп тарашпайт.

Эмне, булар ачкалыктан жүрүппү?
Андай эмес,
ата-энелүү балдар бу!
Апаат күндү
көрбөй калган ырыстуу!
Тандап минип,
тайбуурулдай күлүктү.

* * *

Билбейм кантип капа кылдым өзүңдү?
Жашка алдырып жакшынакай көзүңдү!
Эмне кылсам? Кандай айла табайын?
Сага деген сансыз айтып сөзүмдү...

Кечир мени, сүйлөй албай алдыңда,
Кемпай болдум, кейиш тартып калдым да.
Ак сүйүүгө ишенчиңди жоготуп,
Неге жаным, шек чыгарып калдың да?!



Сенсиз жашоо чындыгында кунарсыз,
Адашамын бу турмушта тумансыз.
Бирок сенин сүйүүң мага дем берип,
Биз экөөбүз бир чекитте турабыз!

Сенсиз күндөр күндөй эмес чынында,
Кылыч жатат кыймылдабай кынында.
Кучактачы, кучагында уктайын
Сапар улап сансыз жылга, кылымга...

Уйку качып улуу түндө жата албай,
Мен өзүмө өзүм болуп бата албай.
Жазып жатам жан шеригим ырларды,
Өзүңө арнап өзгөчө сыр ката албай.

«Салкын» болсо сага айтылган сөздөрүм,
Кашайган го карбаластап көздөрүм!
Ырдан калсам, сенден тансам танармын,
Бирок сенсиз жашоо кыйын, мөлмөлүм!..

* * *

Жылт этип жымыңдап жылдыздар,
Көл үстү көп ак куу, көп кыздар.
Жарашып жаштыкка малынып,
Эришет аргасыз көк муздар.

Көл үстү көк жашыл мунарык,
Ай нуру апаппак узарып.
Алыста калышат ак тамдар,
Көрүнбөй көздөрдө тунарып.

Толкундар кайыкка артылып,
Толкундар үн салат шарп уруп.
Көрүнөт көл жээги алыстан,
Пардасы бу түндүн тартылып.

## АРУУЛУК ҮЧҮН

Таң ата элек
жылдыз көктөн үлбүрөп.
Шаар уйкуда,
эл уйкуда куш жаздыкка баш коюп.
Асман – казан көмкөрүлгөн
келе жатты агарып...
Шыр-рп!.. Шыр-рп!..
шыпыргынын үнү чыгып.
Көчө жактан келет чаңдын
коңурсуган жыты аңкып.
Кулактарга сиңип барат
шыпыргынын тааныш үнү:
Шыр-рп!.. Шыр-рп!.. Шыр-рп!..
Чаңдын жыты
көтөрүлүп балкондорго,
Андан ары
кетет сиңип мейкиндикке...
Шыр-рп!.. Шыр-рп!..
Шыпыргыга тыным бербей
кере-кере шилтеп алат
чала уйкулуу карыя.
Анан кантсин?
Адамдарга ак дили,



каалаганы – тазалык!
Көөдөнүндө көптүн иши,
көнүп калган ушуга.
Мына токтоп, шыпыргынын арымы
калды сыртта
эл жашаган короодо,
Балдар жүргөн аянтта
таазим этип татынакай тазалык!
А карыя кылчак карап артына,
шыпыргысын кең мүрүгө артына,
Бара жатты бейгам болуп өзүнө
иши бүтүп,
көңүлү бүт тазарып!..

* * *

Арга канча, болдум сага мен ашык,
Жүрсөм дагы буга чейин адашып.
Кол кармашып кетелиби алыска,
Мезгил бизге, биз мезгилге жарашып!

Билбейм мурда эмне кылып жүргөмүн?
Аңтарсам да бу ааламдын түрмөгүн.
Табаар белем издеп жүрүп өзүңдү,
Бир бурчунан сен жашаган дүйнөнүн?!

Не болсо да нес боломун, турамын,
Сени эстесем сансыз ойго тунамын.
Улуу түндө уйку качып негедир,
Улуу таңда тааныш үнүң угамын.

*29.09. 81.*

## МЕЗГИЛ ЖАНА БИЗ

Мезгил бизди мерчемине алпарып,
Сезимдерге серүүн берет ак жарык!
Бир жылмайчы, жамалыңды көрөйүн,
Жанып өткөн караңгыны как жарып!

Мезгил бизди мээрим менен бөлөгөн,
Сүйүү берип сүймөлөгөн, жөлөгөн!
Бактылуубуз, бардыгына кайылбыз...
Энем мени кайра баштап төрөгөн!

Мезгил бизди сынай турган кез келди,
Кеч болсо да шүгүрчүлүк тез келди.
Бу сүйүүгө калдым окшойт сүйрөлүп,
Же сагыныч жүрөгүмдү эзгенби?..

Мезгил бизге, биз мезгилге жарашып,
Кумар толгон көздө аёо карашып.
Чөйчөктөрдөн бакыт ашып төгүлмөк,
Атаганат, жүрсөк дайым жанашып!..

## ОШОЛ КҮН

Ошол күн оргуштап канымда,
Дале мен жүрөмүн жалында.
Өмүрүм өтсө да мейли эле,
Сен болсоң секетим жанымда...



Ошол күн ойт берип кармалбай,
Сезимде сел болгон арман бар.
Убакыт биз үчүн мынча аз,
Калдык го кумардан чыгалбай.

Ошол күн – опол тоо чынында,
Курч бычак ойдолоп кынында...
Денеден эсепсиз тер кетип,
Бал татып сүйүүнүн кырында.

Ошол күн... Ойлорум бириндеп,
Сагынып – жалбырак дирилдеп.
Бизди аяп дагы бир күн чыкса,
Ак куулар көлдө ойноп киринмек...

* * *

Бүткүл денем алоолонуп от болуп,
Издегеним – асылзатым жок болуп.
Көңүл чиркин көтөрүлөт асманга,
Албайт тыным бир мүнөткө токтолуп.

Көздөр талып көралбады асылын,
Сагынгандай бу жашоодо жакынын.
Күндөр өтөт күйпөлөктөп билинбей,
Жүрөт бирөө жоготкондой акылын.

Ал ким десең? Арзышканың мен элем!
Сезимимде сени менен теңелем.
Катар басып карааныңа жете албай,
Карбаластайм, сагынычка жеңилем.

* * *

Өмүрүмө өчпөй турган шам болуп,
Күйүп турчу, күдөрүмдү үзбөйүн.
Сагынчымды жазып кетчи бир келип,
Жолуңду бүт колум менен түздөйүн.

Сун колуңду, колдор колго улансын!
Жүрөктөрдүн тамырлары туташып.
Суусун татып биздин сүйүү кубансын,
Ак чардактай аппак көлдө укташып!

## АК-БУУРА

Ак-Буура качандыр бир аккан дайра,
Улуулап, долуланып кайра-кайра.
Жер бетин жээк кылып желип барат,
Талаанын, аңыздардын бетин айра.

Ак-Буура булактардан башат алган,
Жарышка толкундарын таптап салган.
Жээгинде жылаңаяк жандай чуркап,
Жаштыгым, тентек кезим анда калган.

Ак-Буура кылымдарга аккан дайра,
Сагынып барып калам ар бир айда.
Коштошуп, кол булгалап жөнөй берип,
Кылчактап карап калам кайра-кайра.



## УУЛУМА

Кыялбегим, кыялданып тапканым,
Сени көрүп бүлбүл жанат жаш чагым.
Мен да сендей мындан мурда бала элем,
Эми өзүм ата боло баштадым.

Кыялбегим, кыялымдан жаралган,
Туңгуч уулум – таалайыма таралган.
Келечегим, ишеничим, мурасым,
Жолду баштап ата туусун кармаган.

Кыялбегим, кыялдардын толкуну,
Сен төрөлүп атаң, апаң толкуду!
Кандай сонун өмүр бою жаркылдап,
Ата болуп, апа болуп олтуруу!

## АТАКЕ

Атаке, аргымакты минип келчи,
Уулуңдун уулдарына той берилет.
Өзүңдөн өрнөк алып калсын балдар,
Өзүңдөй болобу, же ай, ким билет?

Атаке, аргымакты минип келчи,
Жарышка жалын тарап жиберели.
Жел менен желдей сызып чыгып келсин,
Көрүп ал көп ичинен нереберeңи.

Атаке, аргымакты минип келчи,
Көпчүлүк көкүл, жалын сылап көрсүн.
«Ата-көрү, ат эмес, аргымак!» - деп,
Калк ичинде каадалуу кептер жүрсүн.

Атаке, аргымакты минип келчи,
Астына ат салдырбай арыш керген.
Картайып алдан кетип турган чакта,
Өзүңө өркөчтөнгөн кубат берген.

Атаке, аргымакты минип келчи,
Ар убак ашык болгон канча адамдар.
«Тойго!» - деп эл чакырып бир ээликсин,
Топурап айылдагы чыгаан балдар.

## АДАТТАР

Адаттар – адамдардын мүнөздөрү,
Кээде оң, кээде калпыс мүнөттөрү.
Адаттар – алга карай жетелеген,
Кээ бирде жашоолордун үмүттөрү.

Адаттар – канча кырсык алып келет,
Ансайын улам-улам демеп-демеп.
Адаттар – адамдардын мүнөздөрү,
Ал кээде кызууланып эркти жеңет.

Адаттар – кайталанчу асыл нерсе,
Адатта адамдарга кубат берсе.



Адаттар – кайталанбас бир кокустук,
Капыстан мүнөздөрдөн чыгып кетсе.

## САГЫНУУ

Күндөр кетет колдоруma кармалбай,
Өтөт өмүр өкүнүчтүү армандай.
Сезим учуп, алоолонуп от болом,
Бүт денеме жалын чачып салгандай.

Күндөр өтөт... Сагынуулар топтолот,
Күлкү-шаттык акырындап жок болот.
Жүрөктү эзип, ойго салып сагынуу,
Байкуш мүнөз билинбестен токтолот.

Күн кечкирип, жылдыз көккө толгондо,
Айлана тынч бейкуттукка конгондо.
Ойго батып үн-сөзү жок олтурам,
Жаркын элес жүрөккө «тырс» койгондо.

* * *

Изденем, ырлар жазам эч бир тынбайм,
Эл үчүн, Мекен үчүн талбай ырдайм.
Ырларым кылымдарга жашап калса,
Мейли мен аз жашайын, арман кылбайм.

Ыр жаздым бала кезден, жаш чагымдан,
Ырыскым бул өнөрдөн табылаар деп.

Издендим, кайыл болдум түн уйкумдан,
Өмүрүм зор бакытка кабылаар деп.

Ал учур ажайып кооз дүйнө белең?
Ар бир күн арбалгандай кыялыма.
Суктанып сугум артып турар элем,
Элеттин эч алмашкыс ыраңына.

Мейли ырым начар чыксын араң жандай,
Өзүмө кымбат эле кол жетпеген.
Көп жаздым көркөмдүккө кумар канбай,
Балалык баёо белем эми эстесем.

Калаага беттеп келип билим алдым,
Кадырман акындардын сырын тартып.
Ыр жазуу – ышкы оту экен билип калдым,
Азабын ар бир сөздүн мойнуңа артып.

Дилиңде эмне жатса ошол чыксын,
Жан дүйнөң жашыл аалам болуп дайым.
Үнүңдү бир үй эмес, миң үй уксун,
Чаалыкпа, боло көрбө чалагайым.

Түшүнбөй убагында көп жазыпмын,
Акындык аруу, таза өнөр экен.
Сөз тандайм, ой кубалайм мени азыткан,
Артыңдан, лира сенин калбай келем.



## ТАГДЫР

Армандуу тагдырыңа кош десең да,
Адамдын адамы бар, акыл сура.
Абийирдин атын булгап ушак сөзгө,
Атуулдун ак жүрөгүн күңүрт кылба.

Көңүлүң көпөлөк кууп өтсө дагы,
Күрөшкө толгон күндөн жалтанбагын.
Кылычка бир шелтинип кала берип,
Кысымга башыңды ийип алданбагын.

Өзгөлөр сезип-туюп биле койбос,
Өмүрүң өлчөөсү жок улуу дастан.
Өзөктүн өртүн басып өчүрүү оор,
Өпкөлөп эрегишти таштай качсаң.

Бетиңден түшүп калам деп коркпогун,
Беттешип чындык менен чыккан жакшы.
Белиңди убактылуу ийсин мейли,
Бир жолу, биротоло жыккан жакшы.

## ЖЫЛ САПАРЫ

Дагы бир жыл өз сапарын карытты,
Далай иштер бүтүп-бүтпөй кезекте.
Ар бир күнүң түзүп улуу тарыхты,
Алган-берген, кылганың бүт эсепте.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 482275

Жаңы жылдын келгенине сүйүнбөй,
Жашооң улам кыскарганын ойлогун.
Маселе көп чечилбеген түйүндөй,
Маалкатып күндү өткөрүп койбогун.

Жыл сапары узак дагы, кыска да,
Жылдыз санап мезгилинден кечикпе.
Аксакалдын айтканы бүт нуска да,
Ачуу менен сындап койсо терикпе.

Өткөн өмүр өйдө-төмөн болсо да,
Өтөлгөсү өрнөк болсо болгону.
Мезгил сынчы өз ордуна койсо да,
Мээнет калат алымсынбай болжолу.

Жыл сапары жылат алга токтобойт,
Жыргалыңа, кууралыңа карабайт.
Өлүүсүңбү-тирүүсүңбү жоктобойт,
Өрттөнсөң да суу сепкенге жарабайт.

## ЧАКЫРУУ

Үй-бүлөгө баш кошулуп дагы бир,
Үлкөн максат, тилек менен эми биз.
Үмүтү зор эки жашка жаны бир,
Үйлөнүү той берип жаткан кезибиз.
Үркөр жылдыз тараганча таңы бир,
Үлпөтүнө күбө болуп бериңиз!



## ЖАШТАРГА КААЛОО

Кошулган башыңар ажырабай,
Коломтоңордон отуңар өчпөсүн.
Эмгектен колуңар бошобой,
Эшик-төрүңөрдө гүлзар көктөсүн.
Көйгөйлүү турмуш көп болот,
Көңүлдөр такыр чөкпөсүн.

Ак батасын берип алга сүрөгөн,
Ата-энеңерди сыйлай жүргүлө.
Жаштыкка дайым жарашып,
Жадырап ойноп-күлгүлө.
Урмат-сый алып эл-журттан,
Узакка өмүр сүргүлө.
Батасы тийип баарынын,
Бактылуу болсун үй-бүлө.

Кайын журттун алдында,
Кайдыгер эмес шар болгула.
Начар деп сөз ээрчитпей,
Нарк менен намыс-ар болгула.
Баарын жеңип көтөргөн,
Балбан төөдөй нар болгула.
Эл ичинде из калтырып,
Эсен-аман бар болгула.

Тагдыр тамашасына кабылбай,
Так жүргүлө, зирек болгула.
Тууган-уруктун туусун көтөрүп,
Туу белде дайым тирек болгула.

Эмгектен качпай мээнет жасап,
Элиңер үчүн керек болгула.
Көңүлүңөр көктөп, жашарып улам,
Көк тиреген кош терек болгула.

Байлык, мансап колдун кири,
Баарын коюп бактылуу болгула.
Саябандуу бакка айланып,
Сабы ийилген жемишке толгула.
Мээнет менен мезгилди карытып,
«Мен» дебегиле, «эл» деп койгула.
Көздөгөн максат артынан калбай,
Көпчүлүк менен жүз жашка толгула.

Туура кадам бүгүн, эртең башталат,
Турмуш минтип нурун чачып таң аткан.
Күрөш менен кармашып да, таймашып,
Күндөр жебе күү-шаа болуп бараткан.
«Жакшы тилек – жарым ырыс» каалашып,
Жардайт бүгүн күбөлөр көп карашкан.
Баймананар ашып-ташып ар качан,
Бакыт берсин экөөңөргө Жараткан!

## БОСТОНДУН МОНОЛОГУ

*(Ч.Айтматовдун «Кыямат» романы боюнча)*

Аттиң арман, акыр заман келдиби?
Дүйнөм урап, күнүм бүтүп баратат.
Мен жашаган аалам бүгүн мунарык,
Билбейм эми качан кайра таң атат?!



Акыйкатын түйдүм даана турмуштун,
Дүйнө менде, мен дүйнөдө жашапмын.
Күнүм бүтүп кыяматка туш келем,
Марасына жетип-жетпей максаттын.

Ойлоп көрсөм өзүм экен бүт баары:
Көпкөк асман, касиеттүү кара жер.
Эне бөрү – азап чеккен Акбара,
Каргышына калдык окшойт, калың эл.

Ак мөңгүлүү туу белинде, көк музда,
Тоңуп жаткан Эрназар да өзүмбү?
Ок жаңылтып ойрон салып Кенжеме,
Опаасыз күн, шорго малдың көзүмдү!

Жан дүйнөмө сыйбай барат жамандык,
Базарбайдын бир азабы миң болуп.
Жашоо кыйын улам чөгөм, бөксөрөм,
Көкүрөккө уюп барат муң толуп.

Бул өмүрдүн калбады окшойт кызыгы,
Орду толгус дүйнө бизге таарынып.
Жээктерден кетким келет алыстап,
Түрмөктөлгөн толкундардай тартылып.

Эзелтеден жашап келген бу аалам,
Эңшерилбейт эссиздердин көзү өтсө.
Менин дүйнөм кайталангыс мен үчүн,
Өчтү баары, изи калды жүрөктө.

Көзүм күйөт, көк жээк улам алыстайт,
Көпчүлүктөн бир аз орун табылбай.
Кыл көпүрө-кыяматтын тозогу,
Кыя өтүү жок ага эми кабылбай.

Токтогула, тоспогула жолумду!
Барчу жерге өзүм барам, көргүлө.
Менин дүйнөм кайталангыс, бүттү эми,
Тирүү калсам өлүү кылып көмгүлө...

## АМАН БОЛ

Биз конокпуз ушул бүгүн өмүргө,
Түбөлүккө жашап калган бирөө жок.
Меймандыктын каада-салтын барктайлы,
Көз жумарда көйгөйү аз, күнөө жок.

Биз конокпуз ушул бүгүн өмүргө,
Терсаяктык кылбай өмүр сүрөлү.
Тирүүлүктө сый көрсөтүп адамга,
Жектебейли, кемсинтпейли бирөөнү.

Биз конокпуз ушул бүгүн өмүргө,
Бийиксинип айтышпайлы жөнү жок.
Ансыз деле азар берип көңүлгө,
Арабыздан кеткендердин көзү жок.

Биз конокпуз ушул таттуу өмүргө,
Бүгүн бар да, эртең эмне билбейбиз.



Болбогон бир кумалак сөз айынан,
Бир заматта көңүл калып кирдейбиз.

Биз конокпуз ушул ыйык өмүргө,
Ээликпегин, эл-журт менен бирге бол.
Каада күтпө, карапайым жүр дайым,
Касиретке кабылбагын, аман бол!

## ЖАШОО – КҮРӨШ

*(Абакта жаткан досума)*

Сезимиңди күйүт аралап,
Сыздап жүрөк, толгоо тартасың.
Кабарың бар, каттоо жок, бирок
Кабак кандай, кантип жатасың?

Мезгил-мерес бизге жон салып,
Мээлүүн турмуш өтөт кайгылуу.
Кабак чытпа, каршы беттеп ал,
Каарын төксө калпыс айрылуу.

Жолдор узак, тагдыр экен да,
Жолугууну бизден кызганып.
Көңүлүңө алба көп нерсе,
Кетет баары, эртең нур жанып.

Кумдагы издер өчөт билинбей,
Курбулардын калат достугу.
Кечээ гана бирге болчубуз,
Кырсык минтип бутун тостубу?

Турам үнсүз, турам ой басып,
Туу белдеги жалгыз теректей.
Шамал согот шаштым кетирип,
Ушул кезде бирөө керектей.

Эсте баары, эгиз балдардай,
Эрте-кечти сезбей жүрүппүз.
Эңшерилдик, бирок эртең бар,
Эл-журт аман, демек, түзүкпүз.

Үй-жайыбыз башка болсо да,
Үйрөнүшүп, үйүр алыппыз.
Колдор колго жетпей сунулуп,
Карачы эми канча алыспыз?

Башка түшсө минтип күйүт күн,
Табалашат, ага таарынба.
Чыракданы өчпөйт үмүттүн,
«Чыйрактарга» досум таң калба.

Ак куу конгон көлдү сагынып,
Арман кылба, жөн-жай таарынба.
Жийде жыттуу күтөт айылын,
Жылтыр көзүң өмүр барында.



## ЭЛЕТТИКТЕР

Эр эмгегин эч убакта жер жебейт,
Эңилип кет жерге таштап түшүмдү.
Буйрө иште күнгө азып, бер дебейт,
Бүгүн көбү жердин сырын түшүндү.

Арабага артып алып идишин,
Алыс жактан ичерге суу ташышат.
Карабагын карегине кимисин,
Карбаластап кадам сайын шашышат.

Кезең кезде келип кетмен чаппасаң,
Келечеги бул жашоонун болобу?
Өзүң иштеп каражатты таппасаң,
Өмүр бүрдөп, башыңа бак конобу?

Айыл дебей адамзатка кең мекен,
Ар убакта жашоо жибин улаган.
Калааң калбас, бирок ага тең бекен,
Картошкасын элет жерден сураган.

Ооба, ошондой ырыскы жер элетте,
Оргуштаган турмуш кайнап күнүгө.
Шаардык шашат айыл десе аптыга,
Шам-шум эткен кичи мекен үйүнө.

Айыл жакшы, алыш-бериш сонун эл,
Алып-жутар, арасында куусу жок.
Улуу-кичүү унчукпаган момун эл,
Уруш-талаш, ушакташкан чуусу жок.

## АЙЫЛДАГЫ ШААР

Элет десе эч нерсеси жок дебе,
Эл турмушу эбак мында чечилген.
Эзелтеден эриш-аркак эл жашап,
Эртеңки күн эмгек менен жетилген.

Айылдагы шаар дешет билгендер,
Ар тараптан алга озуп келаткан.
Алыс күндү эстейт кечээ көргөндөр,
Ала-Тоонун этегинде таң аткан.

Ордосунда орус, кыргыз башкалар,
Оор учурду баштарынан өткөргөн.
Ынтымактын туусун бийик көтөрүп,
Ырыскылуу көп күндөрдү бир көргөн.

Дөң бузулуп он бир дыйкан чарбасы,
Жердин сырын жетишээрлик тартышкан.
Өздөрүнөн ашып оокат, жармагы,
Өзгөлөргө, коңшуларга сатышкан.

Короосунда кою, малы көбөйүп,
Колунда бар айылдыктар аз эмес.
Эмгек менен эриш-аркак торолуп,
Эмки жаштар эркиндикке мас эмес.

Кары-картаң, бей-бечара баарына,
Каралашуу чарба ишинин салты бар.
Ырыскысын бөлгөн ар бир жанына,
Ынтымактуу бөлүнбөгөн калкы бар.



Көп улуттун өкүлдөрү жашаган,
Көрктүү айыл Маевка деп аталат.
Бекер жүрбөйт бүгүн мында жаш адам,
Белен ишке аталардан бата алат.

### Эпилог ордуна

Эч качпаган эл иши үчүн керектен,
Эр жигиттер чыккан дайым элеттен.
Алга сүрөп атуулдарын ар качан,
Айыл көркү ак ниеттүү эмгектен.

Жашоо деген жалпы журтта бир эмес,
Жакшылык да, жамандык да бир элес.
Аракетиң арбын болсо ар дайым,
Алдыңдан бак кетпейт, аның пир эмес.

Элет десе эч нерсебиз жок дебе,
Эмне бизде, элдик накыл жок беле?!
Улуулардан урпактарга уланган,
Учуп келет угуту бар сөз-жебе!

Элдин көбү эң алыскы элетте,
Эртеңкисин чөгөрүшкөн карекке.
Азыркы оор күндөр калып билинбей,
Алтын кылым алдыбызда келет де!..

## СУРАНАМ

Көралбас арада көп экен,
Көңүлүң бурбачы, укпачы.
Көкүрөк черин бир таратып,
Көшүлүп тиземде уктачы.

Кол булгап билинер-билинбес,
Коштошуп сен менден кетпечи.
Койнумда балыктай туйлаган,
Коюу түн лаззатын эстечи.

Кең дүйнө закымын тар кылып,
Кез келсек келиндей качпачы.
Керемет жаштыкты өткөргөн,
Келбейт го ал күндөр, тактачы.

Башкага баш байлап кетсең да,
Бактылуу өмүрдү сатпачы.
Балбылдап өчпөгөн чырак бар,
Бардыгын кечтим деп айтпачы...

## БУГУМ ИЧТЕ

Бугум ичте, буулугамын, кыйналам,
Бу жашоодо аз эмес көп убара.
Негизгисин билбей-сезбей туруп сен,
Не болду деп нечен курдай сураба.
Көөдөнүмдө көлкүп жаткан азапты,
Көрбөгөн соң көңүлүмдү улаба.



Бугум ичте, айтчу сөздү айталбайм,
Бурулсам да, артка бирок кайталбайм.
Жакшылыкты эстеп жарык таңдардай,
Жарым түндө уйку келбейт, жаталбайм.
Канча мезгил калчап бизди өтсө да,
Калыс кепти калп ичиме каталбайм.

Бугум ичте, өттү-кетти өмүрлөр,
Буйдалсак да таза бойдон көңүлдөр.
Эртели-кеч эске түшөт баягы,
Эрмек кылып гүл теришкен жашыл төр.
Акыркы ирет арман толо кат жаздым,
Ар бир сөзүн абай салып ачып көр.

## ӨМҮР БЕРСИН

Күлүп-жайнап тоо суусундай шар аккан,
Күлгүн курак күндөй кези өмүрдүн.
Улам өргө мээнет таяп бараткан,
Улуу табы урабаган көңүлдүн.

Сага бүгүн санжыргалуу таң аткан,
Саймасы көп жибек нурга көмүлдүң.
Кечээ гана чырпык элең бүр ачкан,
Кел-кел келип ак таң болуп сөгүлдүң.

Жан дүйнөңдө жашылдантып от чачкан,
Жаз гүлүндөй жайнап ачык көрүндүң.
Өмүр берсин сага узак Жараткан,
Өнөр менен ыр жамгырдай төгүлсүн!

## БАЛДАК

Өзүңө жетпей калып бул өмүрдө,
Өрт болуп чычаладай күйүп келем.
«Сен мага тең эмессиң» деген сөзүң,
Селт этип, көкүрөккө түйүп бекем...

Кантейин, каргашадан майып болуп,
Кабыргам ката электе мертинипмин.
Балдакты жолдош кылып жолго чыксам,
Бактысыз күндөр менен жетилипмин.

Көпчүлүк көңүл улап көргөн сайын,
Көз менен сезем баарын, аяп турат.
Тагдырдын татаалдыгын көтөрө албай,
Тайгылсам балдак байкуш таяп турат.

Жаратым жан дүйнөмө бүлүк салат,
Жан жолдош, өмүр шерик таяк беле!?
Арга жок акылымдан адашамын –
Адамды адам кылган аяк беле?..

## АПА

Касирет-кайгы, каранкүн башка салдыбы?
Кара жер мерес кучагын жайып алдыбы?
Каадасы өрнөк, кадыры бийик жан элең,
Канатың бүгүн кайрылып сынып талдыбы?
Кайгырып мөгдөп калдык биз түтөп баарыбыз
Карарып асман карайлап өчүп шамыбыз.



Кеменгер элең келечек жолду көрсөткөн,
Келбейби эми, атпайбы кайра таңыбыз?

Арга жок, Апа, айрылат экен өмүрдө,
Аңгырап бүгүн ордуң бош калды төрүңдө.
Аттиң ай, арман!.. Арбагың эми колдосун,
Алпейим жүзүң алтындай уюп көңүлдө...

* * *

Үзүлбөгөн үмүттөрдүн жолунда,
Үзөңгүлөш жүрсөң дайым сонун да!
Жашообуздун жарчысындай бул китеп,
Жаз гүлүндөй жайнап турсун колуңда!

Сага арнаган саптар жатат ушунда,
Сая кетсе санаа тартпа, тутулба.
Жан дүйнөмө жарык чачкан демиң бар,
Жалбырттаган жүрөгүмдүн тушунда!

* * *

Талбай издеп бул жашоомдо бактымды,
Таалайыма жаным сени таптымбы.
Жарык чачып жан дүйнөңдөн күнүгө,
Жалгыз өзүң жүрөгүмө баттыңбы?!

Билбейм, эркем, мен сүйүүгө баттымбы?
Бийиктенби же нуруңду чачтыңбы?
Кантсе дагы карааныңа байланып,
Кадам шилтеп, кездешүүгө шаштымбы?

Өмүр татаал, өңүмбү же түшүмбү?
Өзгөлөр да экөөбүздү түшүндү.
Мейли алар кеп кылышсын, айтышсын,
Мезгил бизди өз торуна түшүрдү.

* * *

Экөөбүз кол кармашып кетеличи,
Түбөлүк эч ким көрбөс алыс жакка.
Кыйналбай ак максатка жетеличи,
Талпынып, колду сунуп таалай-бакка.

## КАНАТ КЕРЕМ

Кыз-жигит аллеяда басып барат,
Сүйкүмдүү жүздөрүнөн сүйүү жанат.
«Сен неге жалгызсың» - деп өтүшкөнсүйт,
Түгөйлөр, ойлуу жүргөн мени карап.

Токтолбой бул суроого жооп берем,
Түгөйүм жанымда бар лира деген.
Мен дагы силерчилеп сүйүп аны,
Талпынып таалайыма канат керем!

## БУЛБУЛ ЖАНА АППАК ГҮЛ

Тоо булбулу токумдай булуту жок,
Асман менен алыстан учуп келсе.
Айланага көрк берип абдан сонун,
Ажайып бир аппак гүл турат жерде.



Гүл десе гүл, гүлдөн ашкан сулуулук,
Бу ааламда болбогондой туюлат.
Барар жерин бүт сезимден унутуп,
Булбул ашык аппак гүлгө бурулат.

Сыдырым жел. Гүл акырын ыргалат,
Айланага аруу карап жылмаят.
Аттиң дүйнө! Адам болсо ушул гүл,
Булбул дагы киши болуп жаралмак.

Булбул ашык калды гүлгө айланып,
Бүт тагдыры бүтүн бойдон байланып.
Мезгил өтөр, мерчемдүү бир күн келер,
Башкалардан багын таппай айланып...

## МЕН ЖАНА ТҮН

Түн караңгы музыка үнү угулат,
Жаштар ырдайт теребелди сулуулап.
А мен турам терең ойго малынып,
Жүрөгүмдө сагынычтар улуулап.

Тиктейм көккө көз жиберип кылчайып,
Ай, жылдыздар турат мага жылмайып.
Ичимдеги сырларымды туйгандай,
Жаркырашат денесинен нур жайып.

Жылдыз учат куйрук улап артынан,
Антсе аалам жарк-журк этип жаркыган.
Түн күзөтүп, кирпик какпай олтуруп,
А мен болсо кыялдарды артынам.

Эстейм сенин мүнөзүңдү, өзүңдү,
Эсте калган ар бир айткан сөзүңдү.
Сен алыста, мен алыста бөлүнүп,
Алсыз сезип алып жүрөм өзүмдү.

Тээ бийиктен караанынды карадым,
Сагынычтай жылдыздарды санадым.
Өттү, өттү көздүн жоосу түгөндү,
Бир жарк этип көрүнбөдү караанын.

Таң сүрүлүп... Нурун төгүп күн чыгат,
Аны менен кучакташып гүл чыгат.
Тыңшай калсам үмүттөрүм ойгонуп,
«Эрке» деген мага тааныш үн чыгат.

Билинбей таңдар атат, күндөр батат,
Өзүңсүз өмүрлөрүм өтүп жатат.
Сезимди бүт уялап ээлеп алды,
Кусалык, сагынычтар бекем матап.

Мейли өтсүн, учкул күндөр өтө берсин,
Карабай арт жагына алга желсин.
Алтыным – ардактаарым өмүр бою,
Жүрөктүн тереңинде дайым сенсиң.



## КҮЗ КЕЛДИ

Мынакей күз келди!
Биз күткөн,
күтпөгөн башкалар.
Мынчалык күттүргөн
күздү биз сагындык.
Анткени
аруулап жаз алды,
тынбадык көп иштер жасалды.
Мынакей, күз келди!
Күрөктөп тосуп ал!
Күкүктөр сайраган,
күрдөөлдүү баары бар.
Күз келди!
Күтпөгөн көп адам,
жаз менен жалындап
жагымдуу иш кылбаган.
Күз келди!
Шашылды канчалар.
Терилбей калды окшойт
шагында алчалар,
алмалар...
Күз келди!
Береке себилген –
токчулук, молчулук.
Турмуштун туткасы –
дыйкандын карманар!

## КАРЫЛАР

Кең пейил калкыбыздын карылары,
Кез келсең кеңеш берет жанга дары.
Алыска аттанарда сапар улап,
Ак бата арнайт бизге улам жаңы.

Ак сакал, көк сакалдар көркү айылдын,
Мөңгүлүү аскар тоодой турган дайым.
«Ассалоом, аталар!» дейм сыймык менен,
Туз буйруп чоң калаадан келген сайын.

Карысы болгон журттун жашоосу ак таң,
Карайлап турган кезде чырак жаккан.
Кеп салып, насаат айтып олтурушса,
Күн батып, чала уйкулуу таңдар аткан.

Ак калпак куп жарашкан баштарына,
Карылар караан, түркүк жаштарына.
Өткөнгө өзгөчө бир маани таштап,
Алар да арман кылат жаш чагына.

Көп жашап, көптү көргөн карыялар,
Каадасын кыргызымдын жарыялар.
Өздөрү өтсө дагы арабыздан,
Сөздөрү сезимдерде күйүп-жанар.

Карылар – сенин атаң, менин атам,
Кайрылып акыл сура болсо катаң.
Азыркы алабарман жаштар кийин
Болобу ошолордой? Ойлоп жатам...



## СЕН АДАМСЫҢ

*(Төрт саптар)*

Кыйма-чийме жолдор менен келаткан,
Кырчын өмүр кыйылды бир заматта.
Жаштык эмне, жарашыгы бар болсо,
Жалпы журттун көңүлүндө калат да.

* * *

Ашуусу тар айыгышкан бийиктен,
Ар бир адам бир тиштенип алат да.
Айлаң кетип арман айтып турганда,
Атың болсо ар нерсеге жарайт да.

* * *

Жолоочудай жолдо калсаң түнүндө,
Ысык чайын сунуп турган адам бар.
Жабыркатып бир заматта кайт кылган,
Жамандыкка жарым эле кадам бар.

* * *

Көңүл кирдеп, көтөрүлбөй маанайың,
Турган кезде тууган болот жат адам.
Таберикке бир берилген өмүрдө,
Кандай киши кайгып өтөт кайгыдан?

* * *

Адашарсың арсыз сени алдаса,
Абийриңди тебелетип бирөөгө.
Дилиң таза болсун ошол адамга,
Жыкса дагы жылчыгы жок күнөөгө.

* * *

Бу турмуштун буруу, татаал жолу көп,
Кабыларсың каары күчтүү шамалга.
Сен адамсың, бирок эстен чыкпасын,
Сендиректеп селт этпегин амалга.

## СҮЙӨЛҮ

*«Ысык-Көл – кыргыз көлү кылкылдаган..*
*(Алыку*

Ысык-Көлдүн ыраңын көр – керсары,
Улам барат жээктери тартылып.
Көл тагдырын таназарга алабы,
Эки-үч күнгө келген жандар артынып?..

Аларга эмне, күнгө күйүп кетишет,
Көл суусуна көмүлүшүп, чардашып.
Өзөк түтөйт, өкүнгөндөр жок эмес,
Өткөн сайын мезгил – мерес кыр ашып.

Аксакалдар акыл калчап кеп салат,
Ыйык көлдүн ырыскысы үлкөн деп.



Тартуу кылган табигаттын белеги,
Толук элдин бактысына бүткөн деп.

Анан дагы арман кылып муңканат,
Көл тайыздап, толкун чөгүп жатканын.
Көпчүлүк да карөзгөйлүк кылышат,
Көңүл кирдейт көрүп алып баткагын.

Өмүрүмдө бир гана ирет болсом да,
Өлчөөсү жок кең жайыгым көлүмдө.
Жан сырдашым, жаным бирге сезилет,
Көөнөрбөгөн таасир калып көңүлдө.

Көл менен эл ажырагыс бир бүтүн,
Тагдырыбыз тамырлашып калгандай.
Бир четинен бир кашык суу кемисе,
«Аралды»[1] эстеп ат көтөргүс арман бар.

Учугу жок «узун сабак» айтышып,
Урпактар – биз күчөтпөйлү күнөөнү.
Ыйман сактап, ырыс-кешик калтырып,
Ысык-Көлдү Алыкулдай сүйөлү.

## ТАГДЫР

Тагдыр бизди табыштырган түбөлүк,
Ошон үчүн оттой жанып жүрөлүк.
Турмуш бизди бир суктанып карасын,
Өзгөлөрдөн өзгөчө өмүр сүрөлүк.

[1] Казакстандагы соолуп калган «Арал» деңизи.

Көздөрүңө карай берем, суктанам,
Бир өзүңдү, айлуу түндө уктасам.
Жаным чыгып жай табалбай турамын,
Атыңды айтып, же бирөөдөн укпасам.

Мен сүйлөсөм сүйлөмдөгү сөзүмсүң,
Карегимсиң, кастарлаган көзүмсүң.
Бу дүйнөдө сүйүү арнап жүрөккө,
Бакыт берген, жанып келген өзүңсүң!

Келчи жаным, күттүрбөчү адамды,
Аруу таштап алыстатпай кадамды.
Сага рахмат, ак сүйүүңө баш ийем,
Жакшы кылган бир пендени – жаманды.

Сен да бойдок, мен да бойдок жаш бала,
Көңүл келбейт көп ичинде башкага.
Келчи жаным, кол кармашып жүрөлү,
Кабак салбай жарк-жарк күлүп каш кага.

Сен да бойдок, мен да бойдок жалгызбыз,
Тоодо өскөн тоо гүлүбүз – жалбызпыз.
Күн нурунан кубат алып ар качан,
Бу турмушта буйдаланбай барбыз биз.

Айтчы эркем, эсиңдеби ал күндөр –
Жаштыгымдын жоомарттыгын көрсөтөөр...

Эч бир жанга теңебеймин өзүңдү,
Карагаттай мөлтүрөгөн көзүңдү.
Кезиккенде жаш балача жалдырап,
Билбейм неге, сүйлөй албайм сөзүмдү.



Мындан мурда тыптынч жүргөн жан элем,
Куса кылган деги кандай жан элең?
Көрсө турмуш жолуктурбай мурдатан,
Бу сүйүүдөн бүт көңүлүм ток белем.

Айлап-жылдап алыс сапар тартсам да,
Көз көрбөгөн бир түпкүргө барсам да.
Өзүң менен өмүр сүрүп жүргөнсүйм,
Алдан кетип, айлам куруп калсам да.

Өтсүн жылдар – биз сүйүшкөн мезгилдер,
Бу дүйнөгө биздей жаштар – келгиндер.
Капа болбос карлыгачым жок жерден,
Желип өтсө кайдагы бир желгиндер.

## АЙ НУРУ

Ай нуру жарык чачкан,
Ак пейил ажар ачкан.
Агарып таң сүрүлсө,
Күлөсүң чыгыш жактан.

## КҮН НУРУ

Күн нуру күлмүң эткен,
Билбеймин? Кантип жеткем?
Нуруңдан кубат алып,
Ошол күн... эрип кеткем...

## КӨЗҮМДӨН КӨЗДӨРҮҢДҮ АЛА КАЧЫП...

Гүл терип, кубалашып жашыл бетте,
Экөөбүз бирге жүрдүк жаш кезекте.
Нististe сезимдерге аралашып,
Жылт эткен ошол күндөр баары эсте.

Үйүңө ар күн сайын барар элем,
Урданып терезеңден карар элем.
Итиңе шек алдырып, курган жаным,
Коргондон аша түшүп качар элем.

Билинбей күндөр жылып алга карай,
Арадан өтүп кетти далай жылдар.
Негедир алысташып бара жаттык,
Кездешпей же сүйлөшпөй мурдагыдай.

Кез келсек көчө менен келе жатып,
Өтөсүң карабастан четтей басып.
О, сулуу, жаш жүрөктү кыйнадың го,
Көзүмдөн көздөрүңдү ала качып.

## СҮЙЛӨБӨЧҮ

Сүйлөбөчү, сүйкүмдүү сөз атылып,
Ансыз деле көөдөнүңдө кара так.
Жылмайсаң да тээ тереңде катылып,
Жаткан сырың ачып-ирип баратат.

Сүйлөбөчү, бирөөлөрдү сөз кылып,
Менден кандай жардам болмок чынында.



Ушактоодон уйкум кетти ачылып,
Сөз жакпаса сезимге да кыйын да.

Сүйлөбөчү, кытмыр жакшы көрүнүп,
Жан күйгүзүп жалооруган адамдай.
Көздөрүңдөн жаш акса да төгүлүп,
Бирок билем кетериңди барк албай.

## КУПЛЕТТЕР

Кызарып аалам күнү чоктой болуп,
Жашынып аскаларга батып барат...
«Унутпа, өмүрлөрдү, кайра кел» - деп,
Турамын жүрөгүмдөн кол булгалап.

* * *

Көздөрүң кереметтүү мынча неге,
Ойноктоп каректериң тартат мени.
Эң назик, жылмаюуңдан кубат алып,
Түбөлүк сүйгүм келет ушул сени.

* * *

Күн-түнү түгөнбөгөн жолдор улап,
Келемин кайырчыдай талаа кезип.
Саргарып сары чөптөй өңдөн аздым,
Сагыныч жүрөгүмдү мыжып эзип.

* * *

Өтөт өмүр кечээгилер эскирип,
Кербен тартып кетет алыс чөлдөргө.
Эстен чыкпай ээрчип келген эскилик,
Чөгүп барат суусу тунук көлдөргө.

* * *

Жатсам да түн бою уктабай,
Алдыма сыз жерди төшөнүп.
Бир дагы кайгырып койбосмун,
Ойлонуп, ыр жазып көшөрүп.

## ЖАҢЫ МЕКТЕП

Жаңы мектеп жасалгасы жарашык,
Балдар келет бардыгы тең жарашып.
Куруучулар жакшы белек камдаптыр,
Кеткен кезде каникулга тарашып.

Кулач жеткис терезелер коюлган,
Дубал бети оймо-чийме оюлган.
Эстеликтер, статуялар бой керет,
Жасалганбы темирденби, чоюндан?

Парталары, доскалары жапжаңы,
Ай-да сонун, бул мектептин ар жагы.
Мына ушундай камкордукка бөлөнгөн,
Бул мекендин эң бактылуу балдары.



## МАХАБАТ САПТАРЫНАН

Сүйүштүк. Тагдыр бизди ажыратты,
Бардыгы түш сыяктуу көрүнгөндөй.
Чачылдык, упурадык экөөбүз тең,
Чайпалып суу идиштен төгүлгөндөй.
Үмүттөр бырчаланып кыйрап жатты,
Кездеме тигишинен сөгүлгөндөй.

* * *

Коштошуу кыйын го,
Көздөн жаш төгүлүп,
Өмүрдө өткөн күн,
Жылт этип көрүнүп.
Көңүлдө дайым сен,
Кетсең да бөлүнүп.

Жароокер, жалжалым!
Колуңдан кармадым.
Убакыт кандай тез,
Айттырбай калганын.
Жөнөдү вагондор...
Кол булгап калбадың.

Баратат вагондор,
Баратам анда мен.
Жанымда жароокер
Элесиң. Термелем.
Өмүрүм өчкөнсүйт,
Кайрылып келбесем.

Кетебиз коштошуп,
«Келем» - деп сөз бере.
Жол карап, жол тосуп,
Күтөбүз күндө эле.
Жаштыкты сынаган,
Күрдөөлдүү кез беле?

## ЭСИМДЕ

Эсимде, биз өткөргөн сонун күндөр,
Жаштыктын жарашыктуу доорун сүргөн.
Каткырып үйдүн ичин үч көтөрүп,
Кыял күлсө сен күлүп, мен да күлгөн.

Эсимде, анча-мынча уруш-талаш...
Заматта жакшынакай бир көз караш.
Чиркин ай! Ошол күндөр – кызык убак,
Турмушта өкүм сүргөн талаш-жараш!

## МЕЙЛИ ЭЛЕ

Мен сени жолдон көрөм кызыл жоолук –
Көргөнүм сен эмессиң башка болуп.
Ачышып жүрөгүмдүн толтолору,
Каңырык түтөп кетет бугум толуп.

Көрүнсө көздөрүмө кызыл көйнөк –
Тыз этип ийне саят сезим төөнөп...
Сагындым! Бек кучактап өбөр элем,
Алсаң да беттеринди чылгый көөлөп.



## СУГАТЧЫ

Талааларга тарам-тарам жол салып,
Жылаңаяк байлап жүрөт кулакты.
Мол түшүмдүн молчулугун каалаган,
Суулуу жердин падышасы – сугатчы.

Талаа бети ай нуруна малынып,
Түн күзөтүп бирөө жүрөт тынч албай.
Аппак нурга болот кетмен чагылып,
Ак тамчылар чачырашат уча албай.

Экөө жүрөт шымдарын бек түрүнүп,
Көлөкөсү калбай ээрчип адамдан.
Бир мезгилде кара булут сүрүлүп,
Дыбыратып жамгыр келди асмандан.

Жарык өчтү – айдын нуру бекинди,
Жалгыз караан талаа бетин күзөтүп.
Эс алдырып эски досун – кетменди,
Чылым тартат караңгыда түтөтүп.

## БАЙГЕ

Алыстан добулбас урулуп...
Аттардын дүбүртү угулуп.
Байгени бардыгы талашат,
Шамалдан шамалга жулунуп.

Алыстан добулбас урулуп...
Күлүктөр күйүккөн буулугуп.

Марасы жарыштын жакындайт,
Мыктылар алдыга суурулуп.

Алыстан добулбас урулуп...
Акыркы айлампа... бурулуп...
Кашка тай келатат, келатат,
Денесин бүтүндөй буу кылып.

Алыстан добулбас урулуп...
«Кашка тай жеңди» - деп угулуп.
Күлүккө суктануу, таң калуу,
Калың журт макташып, туу кылып.

Жанданып байгенин марасы,
Күлүктү сөз кылат баарысы.
А бирок айтылбай калды окшойт,
Тоолуктун тай чапкан баласы.

## КҮНДӨР – ЖЕБЕ

Өттү күндөр – мезгил жебеси
алакандар ысып кармаган.
Көздөн учуп кетти элеси,
бир мүнөткө жаштык алдаган.

Будамайлап тийбей бутага,
калды канча күндөр тапталып...
Өкүнөрбүз кийин баарына,
жарабасак күрөштө ат салып.



Күндөр – жебе кетсе кайрылбайт,
чыгарбагын чымыр колуңдан.
Өмүр өтсө жебе тартылбайт,
адашпагын алыс жолуңдан.

* * *

Басып өтүп ылдамдыктан бүт баарын,
Барат бүгүн биздин кылым закымдап.
Космос доору колго илешпейт, карматпайт,
Кадам санап күн чөйчөккө жакындап.

Кыскарууда асман-жердин арасы,
Күндөр, айлар секундага байланып.
Билдик баарын, аалам сырын ачабыз,
Бүт жер шарын бир заматта айланып.

## УЛГАЙБАЙ ТУРГАН ӨМҮР ЖОК

Жарашкан күндүн бириндей,
Жаштыгың өзү жалын-чок.
Убакыт өтсө билинбей,
Улгайбай турган өмүр жок.

Көк ирим көлдүн бириндей,
Көкүрөк күйсө көңүл чок.
Кайратың кетсе билинбей,
Картайбай турган өмүр жок.

Кайдасың бүгүн, карылар?
Кадыр түн тосор көңүл жок.

Утурлап кечти баарыңар,
Улгайбай турган өмүр жок.

Жаштыгың санап бүтсөң да,
Жашоодо жаркын, көңүл ток.
Кадыр-барк, каада күтсөң да,
Картайбай турган өмүр жок.

Бак-дөөлөт дайым баркында,
Балдарың – бактын, көңүл ток.
Урпактар турса артында,
Улгайбай турган өмүр жок...

## БИР КҮН...

Өмүрдө бир келчү күн беле,
Өксөөсү толбогон түн беле?
Өпкүлөп кумарга канбаган,
Өжөрлүк болбостур күндө эле.

Сырдаштык, сүйлөштүк чечилип,
Сыр бербей мен кирдим чечинип...
Сен болсоң негедир чочудуң,
Сестенип, чүмкөнүп бекинип.

Жатууга жаңы эле камынып,
Жуурканды көтөрдүм жамынып.
Ыпысык чекенден тер чыгып,
Ырайым сурадың жалынып...



Көкүрөк, дене-бой чыңалып,
Көздөрүм карайлап, тунарып.
Апаппак денеңди басканда,
«Ах! - дедиң, - акырын!» - суранып.

Өзүңдү башкага кыйбадым,
Өрттөнүп чок болуп кыйнадым...
«Кыз кезим кыр ашып кетти» - деп,
Кызартып көзүңдү ыйладың.

«Таштаба мени эми» - деп айттың,
«Тагдырым сенде» - деп көп айттың.
Чоң кылмыш жасаган адамдай,
Чоң жолго мен батпай келаттым...

* * *

Билбеймин белгисиз үмүт бар,
Капкара көзүңдө кумарлуу.
А балким, бүт сезим токтолоор,
Бир көрсөм жүзүңдү ажарлуу.

Жолугуу көп эмес, аз гана,
Болсо да уяңдык токтотот.
Жүрөбүз тиктешип не пайда,
Туйлаган жүрөктү ноктолоп.

## КЕЧИР ЖАНЫМ

Келсек дагы сүйүүбүзгө кечигип,
Мезгил бизди, биз мезгилди кечирип.
Өмүр өтсүн өкүндүрбөй адамды,
Келчи жаным, сүйлөшөлү чечилип!

Сүйлөй албай колдоруңдан кармадым,
Сезимимде сезимиңди арбадым.
Өттү күндөр, өкүнүчтүү жашоолор,
Караанындан карыш дагы калбадым.

Кечир жаным, кабар албай көп күнгө,
Мас болупмун көздөрүңдөн өпкөнгө.
Ушул азыр улуу күндө уктабай,
Кыял менен учуп барам өткөнгө.

Он сегиз жаш – мелт-калт этип турасың!
Сүйлөй албайм... жүрөгүмдү угасың...
Ошондо бир опол тоодой иш жасап,
Азыр дагы бүт көңүлдү бурасың.

## СЕН... СЕН...

Сен таарынсаң мага таарынба,
Сени сүйүп турган чагымда.
Кандай сонун ошол көз караш,
Мөмөсү бар сүйүү багында.

Сен таарынсаң мага таарынба,
Айла канча калдым жалында.



Сени менен сезим арбашып,
Жашоо өзүң жүргөн канымда.

Сен таарынсаң мага таарынба,
Сени менен кирем жалынга.
Өмүр бою сени эңсеймин,
Өзүң үчүн сүйүүм барында.

* * *

Тартынбачы, таалайыма күн болчу,
Таза, мөлтүр татынакай гүл болчу.
Өмүр менен өр талашып баратып,
Сүрөө берген, сүймөлөгөн үн болчу.

Тартынбачы, тагдырыма жаралчы,
Бүт денеме азык болуп таралчы.
Жамгырдан соң жарашыгын чыгарып,
Жайып алып чачтарыңды таранчы.

## КАЗАНДА ЭМЕС, ЗАМАНДА

Аялдар чыгып азанда,
Алганын сатып базарда.
Олжосу минтип бүткөндө,
Олтурат кургак казанда.

Азыркы «бийлик» аялда,
Акчасын «жасап» базарда.
Минишет анан казанын,
Милийса «эрден» качарда.

Керилип гүлүн ачарда,
Келин-кыз баары базарда.
Кечинде, бирок кесирлүү,
Кекиртек башын жазарда.

Күнөө жок такыр аялда,
Күйпөңдөп жүргөн базарда.
Күйүп бир багып албаган,
Күйөөсү анын начар да.

Каарыңды салып аялга,
Караба курдаш казанга.
Карайлап көздү тунарткан,
Каргыш айт катаал заманга!..

## ПАТИР

Патир издейм...
бир ай болду таппадым.
Мен барбаган көчө калбай,
үй калбай.
Тажабадым,
калааны бүт таптадым.
Көзүм өтүп,
баш калкалаар жай бардай.
Сурамжылайм,
ар бир үйгө баш багам,
Аларга мен,
бирок такыр жакпадым.
Ыйламсырайм,



ыгын таап каш кагам...
Айла канча,
ал-жайымды ким угат?
Кененди кой,
кепеге да батпадым.
Патир издейм...
эки ай болду жүргөнүм.
Эчтеме жок,
үзүлдү үмүт, күлбөдүм.
«Балалууну киргизбейм» -
деп сары аял,
Башын чайкап
басып кетет тоотпой.
Ары жакта
абалаган ити бар,
Астанага жакындатпай,
жолотпой,
Жылуу-жумшак
коргоп турат түнөгүн.
А мен келем
алды-артыма каранып,
Камын ойлоп
касиеттүү бүлөмүн.
Патир издейм...
тогузунчу... бир жылда.
«Мейманың көп,
мазабызды алдың» - деп,
Сегиз жолу
сес көрсөтүп турушат.
Сегиз жолу үстөлүмдү көтөрүп,
сегиз жолу талкаланды, оңдолду.

Секин «сен-мен» дешип айтышып,
секин күлгөн мүнөз качан жоголду?
Патир издейм...
батинкалар жыртылды,
асфальт жолдун азуусуна бүлөнүп.
Студенттин чөнтөгүнө зыян бул,
айыл жакка кат жазам да көгөрүп...
Кеч бешимде
келсем мына – жаңылык:
Үчүнчү уулум
көзүн ачкан төрөлүп!
Сегизинчи үйдүн ичи ызы-чуу
кубанычтан кууш бөлмөм жаңырып.
Унутулуп чарчаганым, басканым,
ушул азыр жеңилденип башкамын!

## ЭНЕ МЭЭРИМИ

Денеси ысып,
түн бою уктай албай,
Жаш бала
жатты көзүн сүзүп коюп.
Болот деп
жүрөк чочуп алда кандай,
Апасы «алдей» кылат,
өйдө турат.
Түшүнбөйт,
тили жоктун ыйын угат.
А бала – балапан ый,
кайдан айтсын?



Сүйлөөгө,
сүйлөшүүгө убагы эрте,
Айла жок,
апасына ыктай берип,
Чыңырды,
чыдай албай бир мертебе...
Ушул кез
узак болуп туруп алды,
Таң атпай,
саат жылбай токтоп калды.
А бала ачуу ыйлайт,
өзүн кыйнайт,
Ызалуу жашын төгүп,
ыйын тыйбайт...
Бул үйдө
татуу уйкуга кеткен баары:
Эненин эрке кызы,
чоң балдары.
Ал эми алыс азыр,
үйдө аз болот,
Мал багып жүрөт сыртта
сүйгөн жары.
Бир гана
эне байкуш эңшерилет,
Уйкусуз түндөрдүн бир
түрмөгүндө.
Кирпиги катып калган,
эч ирмелбейт.
Сүйүү бар,
коркуу да бар жүрөгүндө.
Узун түнгө башын байлап,

бул күнү
оту өчпөдү чыракдандын.
Эненин мээримине чөгүп калды,
өмүрү келечектин – бир адамдын.

*25.02.*

## ЖЕҢИЛБЕЙБИЗ

Табигат таарындыбы сыртын салып,
тамырын кара жердин булкуп алды!..
Заматта заман тарып, алай-дүлөй
аянбай басып калды апаат болду.

Огунан чыккан сындуу аалам бүгүн,
опаасыз тагдыр миң-сан, тамашабы?!
Көпчүлүк көтөрө албайт кайгы жүгүн,
ким менен, кырсык менен талашабы?

Кечээги күлкүнүн бүт изи калбай,
кейишке батып турат Ата Мекен.
Кантсе да касиретке моюн сунбай,
калкыбыз кайрат кылып дале бекем.

Кайгысын бөтөн элдин «өзүмкү» деп,
карайлап тургандарга колун сунуп.
Өмүргө өмүр улайт, кан беришет,
өзүндөй көрүп баарын ар бир улут.

Бүт дүйнө көңүл айтат, жардам кылат,
бүгүн биз бүк түшпөйбүз, жеңилдейбиз.



Турса да түндүк түшүп, үйлөр кулап,
тагдырдын жазмышына жеңилбейбиз!

## ЖЕТИ КҮН

Жети күн!..
Жети жылдай,
сезимди төөнөп өттү.
Жер жаздап
(азап кандай),
көрбөдү күндү, көктү.
Жатышты үмүт менен,
жабыркап эне-бала.
Бүт аалам урагандай,
үйлөр бүт кулагандай,
Жарык жок,
жашоо бүгүн
жалп өчүп сулагандай.
Өткөнү күндүн-түндүн,
билинбей калды такыр.
«Жардам!» - деп далбас ургун,
кыйкыргын,
мейли чакыр...
Ким угат үнүңдү азыр?!
Тышта да алай-дүлөй,
нес болуп калган баары.
Чуркашат,
чурулдашат,
Кол жетпейт,
кокуйлашат...

Мындайда –
татаал шартта,
Тап берип табигатка,
болгону ичтен сызат,
Энеси эмне кылат?
Эчкирип ыйлап-сыктай,
башынан сылап коёт
баласын өзүнө ыктай.
Бешинчи күн да өттү,
сезилбей жаткандарга.
Жаш бала дале үнсүз,
жабылып кирпиктери.
Суу сурап суусап бүттү,
«Нан» - деди...
Көп-көп күттү.
Акыры тынчып калды,
айтууга чамасы жок.
Сулк жатат кыймылдабай,
денеси алоолоп от,
кыпкызыл чок!
Болгону алсыз жүрөк –
жараланган.
Ал дагы анда-санда
согот араң...
Аялзат –
алмустактан назик беле?
Кантсе да,
кайталангыс кымбат эне!
Ушундай кыйчалышта уулун аяп,
(бечара,
андан башка эмне кылат?)



Өз колун өйдө тартат,
тиштеп алат,
Айбарлуу кашка тишин,
кайра салат!..
Айтууга акыл жетпейт,
жүрөк даабайт...
Азапка туулганбы,
атаганат!
Бир кезде
жулуп алды жумшак этин!
Сезилбей ооруганы,
дир-дир этет.
Кан жайып,
каптап барат билек четин.
Алсырап аял өзү,
дарман кетет.
Карабай өз жанына,
абалына,
(Касирет-кайны басса,
мына сага!)
Жаралуу колун сунуп,
бекем кармап,
ичирет жылуу канын баласына.
Козголуп жүрөк араң, жаны алсыз,
кыймылга келет бала.
Өмүрдүн чыракданы
нур чачып кайра жаңы,
Бүлбүлдөп көрүнгөнсүйт
узактан улам жана...
Жетинчи күн дегенде
жетишти,

Куткарышты
аларды кеч бешимде.
Тагдырдын жазмышына,
табышат кандай чара?!
Жети күн –
жер алдында!
Жер эмес –
өз үйүндө!
Түндүгү түшүп калган
түрү суук түнөгүндө,
Калышты капылеттен
камалып эне-бала.
Көрүнбөй күндүн көзү,
кайдадыр житип кеткен.
Төртүнчү күн болгондо,
жылжыган ичке жарык,
Ийненин жалгыз көзүн
ийнедей жарып өткөн,
Көрүндү,
көзгө түштү,
көңүлгө сээп көктөм.
Болгону ушул гана,
үмүттүн учкунундай.
Өмүрдүн бир үзүмү
элестеп көз алдыга.
Жашоого жанталашып,
жатышкан эне-бала.



А бирок ачкалыктан,
алсырайт,
алдан таят,
Чүрпөсү чыдай албай,
үзүлүп кетип барат.
Үзүм нан көздөн учкан,
суу сурайт –
таңдай каткан...
Жатышкан жабыр тартып,
кырсыктын жүгүн артып,
Кыйналып,
кысталса да
Кыйылбай өмүр калды –
аларга ошол артык!
Жеңилбей табигатка,
жеңилбей оор шартка,
Баласын сактап калган
татыктуу бийик атка.
Канаты кайрылбаган,
акылдан айрылбаган,
Өз жанын өрткө таштап,
өлүмгө тике барган.
Энелик мээрими күч,
болгону алдан тайып,
бошошкон, алсыраган...
А бирок аты улук,
ал өзү – улуу АДАМ!

## УЛУУ ДАЙРА

Болгону отуз секунд,
жарым мүнөт,
Силкинди жердин бети
улам күчөп.
Жарылды,
жараланды алсыз жүрөк.
Болгону ушул гана –
көрчү, ана...
Ай, кандай,
аянычтуу көрксүз сүрөт!..
Гезиттин беттеринде
кезек менен,
Басылып, көзгө түшөт,
азап деген.
Кайгылуу кабар тарайт,
кайыштырат,
Калайык-журттун баарын
майыштырат.
Табигат татаал беле –
абат курат...
А бирок акыл терең,
мээрим терең,
Жардамга
жарандардын баары белен.
Өмүргө өмүр улап,
көңүл улап,
Кайгыны тең бөлүшөт,
бүткүл Мекен.
Атуулдук милдет өтөп



ар бир адам,
Бул жерге
кечээ келген, бүгүн келген.
Алыста сапар күтүп
ак дил менен,
Канчалар жолдо турат
үмүт кенен.
Бир гана боордоштук,
тууган, достук!
Жүрөктүн кагуусунда,
толтосунда!
Тоолордон агып түшкөн
куймалардай,
Бул өзү –
өркөчтөнгөн улуу дайра!
Канчалар кат жиберип,
кабар айтып,
«Кол кабыш кылсамбы» - деп,
кол сунушат.
Айрымдар алыс калып,
көздөр талып,
Жеталбай жер-жерлерде
умсунушат.
Бүт дүйнө кулак түрөт
аң-таң болуп.
Бир элдин азабына
жүрөк сыздап.
Кечээги келишкен шар
бүгүн түтөйт,
Көчөсү көкүрөк дарт,
жашка толуп.

Карачы, өмүр таттуу,
адам кымбат,
Колдору канга айланып,
миң байланып,
Чукушат урандыны улам кылдат...
Жер онтойт көтөрө албай
кайгы жүгүн,
Жоготуп салган өңдүү
күчүн бүтүн.
Анткени кыймыл миң-сан –
кыл чайнаган,
Кырсыкты беттеп жүрөт
далай адам...
Ким билет,
мындай азап болгон качан?
Эсте жок...
эстеп эмне? Андан качам.
Жамандык
жан кейитип турган кезде,
Жакшылык кирсин үйгө
эшикти ачам.
Бүгүн, эртең,
бүрсүгүнү...
Жылдар бою,
кылым бою,
Түбөлүккө,
ар качан!..



## БАЛА

Беш кабат үй кечээ турган,
эми жок...
Дөбө болуп
калган бүгүн үйүлүп.
Ушул жерден,
урандынын алдынан,
Куткарышты
кичинекей баланы.
Жаткан экен
жер төлөдө түйүлүп.
Көзүн ачат,
көрбөйт, бирок эч кимди.
Аны көрүп аяйт баары,
үстү-башын тазалайт.
Чыдай албай чыркыраган,
ак чач кемпир эчкирди.
Өз баласын көргөн сындуу,
өзөк кетти өрттөнүп.
Арык, ичке
манжалары титирейт.
Айтар сөзү бери чыкпай
алкымына кептелип...
Кайдан туйсун
бала мунун бардыгын?
Кайдан билсин
жердин азыр тардыгын?..
Эки жакка элес албай,
карабай,
Жөнөп калды

уйкудагы баладай.
- Токто! - дешти,
колдорунан кармашты.
- Кайда? - дешти,
мээрим төгүп алдашты.
- Үйгө...- деди,
алсыз үнү угулду.
Эмнегедир
эки колу сунулду.
- Үйгө... - деди,
араң гана кайрадан.
Ары басты,
кыбыла жакка бурулду.
үйүн таппай үрөйү учту...
Анан, анан
акылына келдиби:
- Апа-а! - деди,
урандыга жулунду.
Жардап турган,
жардам кылган
жарандардын бир даары.
Түтөп кетти,
түбүң түшкүр дүйнөгө
Наалат айтып,
тунжурашып,
көңүл чөгүп бүт баары.
Бир сөз чыкпай
бири-бирин карашып,
Кыйылышат
кыйраган үй-бүлөгө.
Мындай кырсык



түк келбесин башкага,
Калганы ушул –
бир уядан бир гана,
Жалгыз бала,
жаш бала...
Тагдыр таш боор,
анын баарын
Айтууга оор,
жашайт эми ким менен?!
Ата-энеси,
эжекеси, байкеси...
Жатат жерде
жуурулушуп чым менен!

## КЫЛЫЧ

Мезгилдин өктөмүн көр:
калды алыста
Кар басып
кан жалаган ийри кылыч.
Кезинде кере тартып,
башын алып,
далайдын өмүрүнө айгак болгон.
Жасоолдун жан жолдошу,
кан жолдошу
канчанын канатына белги койгон.
Мизинен убагында кан тамчылап,
кынына батпай турган...
Күнөөсү айта берсе аягы жок,
кылычтын айыбы көп,

шиши толгон.
Кылыч бар азыр деле арабызда,
музейде,
же бир тарых залдарында.
Өткөндөн кабар берип турат алар,
өрнөктүү санжырага жазылган да.
Асманга учтук бүгүн,
адамзат өстү мына!
Аттиң ай, акыл бийик
а бирок кылыч кармап,
Кыйынсып тургандар бар
шымалана.
Кылычын көрбөгөн соң чочубайсың,
кыпындай жамандыгы жоктой турат.
Сен жакпай калдыңбы ага
бүттү баары.
Артыңдан аңдып келип,
кылыч урат.
Кылычтын сыйкыры бар:
кан чыгарбайт.
Кан-какшап калдың дей бер,
жүрөк сыздап.
Өмүрүң шарт кыйылбай өтө берет,
болгону өкүнүчкө баттың дей бер.
Биле албай кайсы кылыч тийгендигин
башың маң.
Көз алдыңда – көпкөк туман...



## ТАГДЫРДЫН ТАМАШАСЫ

Кыргызым,
кызууланбай кулак салчы.
Кылымдын
кырына дал, келдик мына!
Элибиз
эзелтеден дыйкан, малчы.
Бүгүнчү?
Бүт коммерсант шымалана.
Базарда –
балдарыбыз, чалдарыбыз.
Колуна
коомай буюм кармап алган.
Айтылбай
азабы бар арманыбыз,
Күн өтөт
күүгө келбей кээси жалган.
Куу чирен
куурай башын сындырбаган,
Алдыртан
аларманын алдап турат.
Бир ташты
бир метрге жылдырбаган,
Жалкоолор
жанын сабап сайран курат.
Базардын
баш-аягын «суудай» билген,
«Керемет»
келин-кыздар жайнап жүрөт.

Кайкалап,
каадаланып кайыш кийген,
Жеңелер
жеңин силкип, жеңил күлөт.
Арыктап
ат арытып барып келип,
Азабын
алыс жолдун тартышкандар,
Ар түркүн
атыр, упа алып келип,
Акчага
ачуу көзүн артышкандар...
Баары чын,
барып көргүн ишенбесең,
«Талчоктун»[1]
товар толгон жаймасына.
Элеттен
эңгезердей жаштар келген,
Олтурат
он сом үчүн пайдасына.
Күндөргө
күчүн берип, күнгө күйүп,
Жашоонун
«жаңы ыкмасын» үйрөнүшкөн.
Жаштарың
жанын тиштеп кечке жүрүп,

[1] Жөөлөшмө жайма базар.



Алганын
арак ичип сүйрөлүшкөн...
Кыргызым,
кызыгы көп жашообуздан,
Кырчындай
кыз-жигиттер тартип бузуп,
Указын
уктум дебейт Ажобуздун.
Улууну
урматтабай өтөт сүзүп.
Көргөнү
көрбөс кино – Эммануэль[1].
Көкүрөк
көөдөнү бүт секс болуп...
«Балдарын
баштай албай бу кандай эл?»
Абийирдүү
ач кыйкырык ичке толуп!..
Кыргызым,
кыраакы эл, кулак салгын,
Жамандык
жан кашайткан ашуу-белес.
Урпактар
урабасын колуңа алгын.
Тагдырдын
тамашасы таттуу эмес...

[1] Эротикалык кинофильм.

## ЧАБАРМАН

Чабарман
чаап келет айыл беттеп.
Чак түштө
чагылгандай күйүп-жанып.
Алдында
ак боз аты көл-шал тердеп,
Артында
алыс ыргып даңкан калып.
Шамалдай
шашканын көр чабармандын.
Жараткан,
жакшы кабар болгой эле!
Ансыз да,
азабы көп бу замандын,
Ачуусу
адамдарга оңой беле!?
Чабарман
чакчаңдаган атын сабап,
Камчысы
кайрылып бир тиет жонго...
Кудай ай,
кутургандай кетип барат!
Бир жамандык,
Билбейм, кырсык болгон го?..
Ал аңгыча
аттын оозун тарталбай,
Айыл четтеп,
ай-талаага чү койду...



Атаңгөрү,
алым тура дардаңбай!
Арак өчү,
акылы кем, суу куйду.
Түнү бою
түзөлө албай арактан,
Күн чыкканда
күлүккө шарт аттанып,
Кези тура
«башын жазып» бараткан.
Кечээгиси
бүгүн кайра башталып.
Шүгүрчүлүк,
шумдук кабар жок экен!
Ач болсок да,
тынчтык керек адамга.
Бир айылдын
бир тентеги кеп бекен.
Андан көрө
ак тилейли замангa!!!



# Тамсилдер

## БУТ МЕНЕН ӨТҮК

Бир күнү Бут
урушту Өтүктү:
– Эй, талпаңдаган
эбик жок Өтүк!
Угуп тур,
сага айтам көптү.
Жол менен жакшылап жүрбөй
мүдүрүлүп,
сүрүлүп,
Анын аз келгенсип
соройгон мыктарың денеме өттү.
Көзүңө карап
акырын баспайсың,
Бир нерседен кур калгансып
чоң-чоң аттайсың.
Билбейт экенсиң
кантип жүрүштү,



Сенин ичиңде сандалып
манжаларым бүрүштү.
Анда Өтүк:
– Бу, эмне дегениң, Бут?
Мынчалык болду
менин сөзүмдү да ук.
Айып өзүңдө турса
аны билбедиң,
Күнөөнү мага коюп,
аябай тилдедиң.
Чындыгын айтсам:
Сен кайда бассаң
сени менен барам.
Сенден уруксатсыз
деги, кантип калам!?

Мына ошентип,
бири-бирине узатып жеме.
Бут менен Өтүк
жараша турган эмес дегеле.
Көрсө да көрмөксөн,
билсе да билмексен болуп,
Бери жакта жүрөт Адам деген неме...



# КААЛГА ЖАНА КУЛПУ

Белгилүү болчу баарына:
ынтымак эле Кулпу менен Каалга.
Бирине бири жөлөк болуп,
чогуу жашап келишти көп жылга.
Бирок күндөрдүн биринде
Каалга сөз чыгарды Кулпуга:
– Чындыкты айтканда чычалаба.
деги,
пайдаң кайсы сенин мага?
Ушунча жыл урмат кылып,
жакшы эле жашадым.
Акыры айлам кетти
сенин кылыгыңан тажадым.
Кийинки мезгилде
милдетиңди унуттуң,
Жакшы иштебей жалакайлык кылып
мен байкушту куруттуң.
Сезип турам
аң-таң болуп турасың,
Эмне кылганыңды,
кантип жүргөнүңдү
азыр угасың.
Мындан бир жыл мурда
жайында эмес, кышында,
Сен ачылбай калып
айлабыз кеткен.
Балта менен жара чаап мени
үйдүн ээси түбүмө жеткен.



Мезгил кыш болгондуктан
балдары үшүп тоңгондуктан,
Үйдүн ээси үңкүйүп олтуруп
жыртык жеримди оңдоп тынган.
Ырас,
кечирген элем бир жолкусун,
Бирок андан кийин деле
эсиңе келген жоксуң.
Кез-кезде ачылбай калсаң да
көөдөнүңдү көтөрүп көңүл токсуң.
Мына ошентип
Каалганын тынчы кетти,
Ал эми Кулпу
уга турган эмес кепти.
Акыры ачылбай калып
Каалганын түбүнө жетти:
Улам жамай берүүдөн тажап
кейиштүү болгон кемтикти,
Үйдүн ээсинин үйрөнгөн адаты го
балта менен бир чаап,
буту менен ыргыта тепти.

Тамсилдеги айтаар кеп:
Бирөөнүн айынан экинчиси
талкалант деген ушул таяк жеп.

# КОРОЗ МЕНЕН КАЗ

Короз
маектешүүгө бир азга ,
Салам айтып
кирип келди Казга.
Эшик алдынан
жакшы тосуп алынды.
Төргө чыгарылып
калыңдап төшөк салынды.
Каз, чиркин,
меймандос белем?!
Дасторкон жайдырды кенен.
Күтүп тургандай
тамак-ашы да белен.
– Ырас болбодубу
өзүң билип келгениң,
Мынча болбогондо
өзүм чакырайын дегемин, -
деп, тынбай
ичи-койнуна кирип эпилдеп,
Корозго ичирди арагын
«кой» десе болбой литрлеп.
Сыйдын көркү аракта дедиби?
Же
жакшы көрүнгүсү келдиби?
Айтор, арагын шыкап
Короздун айласын кетирди.
Акырында Короз
арагын ичип, тамагын жеп,
үйүнө жөнөп кетти.



Казды
жерге киргизе тилдеп.

Артынан карап туруп Каз:
Ичкилик
сыйлуу эмес экендигин
түшүндү бир аз...

# ЖАКШЫЛЫККА ЖАМАНДЫК

Бээ жайлоодо жүрүп
өлүм оозунда жаткан
Карышкырды тапты.
«Бул да эненин баласы экен» - деп,
Боору ачыдыбы?
Же
энелик мээрими ачылдыбы?
Сылап-сыйпап жакшы бакты...

Кийин,
Какең айыгып алып,
Бээнин кулунун мине качты...

# ЧЫЧКАН

Карышкыр
кампага башчы болуп,
Кол алдындагыларды:
Итти, Мышыкты жана Чычканды

каарып турган кез күчкө толуп.
Күндөрдүн бир күнүндө,
күз айынын түнүндө,
Чычкан жатты ойлонуп:
«Какем жакшы эле мурда
эми аны кудай урду.
Кампада толо болсо да эгин,
короткусу жок эч бир жерин.
«Мынакей,
алгыла» - деп турчу эле.
Кол алдындагыларга
камкор мамиле кылчу эле.
Кышка деп,
кампайтып эгин берчү эле,
Азыр болсо
андайды тыйды.
Көптөн бери
көрбөй келатабыз сыйды.
Мындай болгон соң,
иштен
бошонуп алганым оң.
Ошентип,
Чычкан иштен бошонуп кетти.
Көп өтпөй бизге
ал жөнүндө кабар жетти:
Кампага жакын кампайтып,
жакшы үй салыптыр.
Баягы адатын карматып,
сурамжылаганы калыптыр.



Бирок
бир жаман жери –
кампа алдынан жол куруп алыптыр...

## МЫШЫК – СТУДЕНТ

Мышык студент болгону
деги, чарчап
лекция жазбады оң колу,
Театр, кино, ресторан
анын таптаган жолу.
Сабакка
түшүнөн чочуса келет,
Бир-эки саат окуп
адаты бар – кайра «желет».
Зачёт, экзамендер
башталганда закымдап,
Жолборстун
чоң портфелин көтөрүп,
ээрчип алат такымдап.
Кээде
ары жүгүрөт, бери жүгүрөт.
Акыры
ишин ийгиликтүү бүтүрөт.

Мен,
Мышыктын мунусуна күйөмүн:
«Келечеги
кантээр экен?» - деп жүрөмүн.

# ЖОЛБОРСТУН «БАЛАСЫ»

Мына кызык!
«Жолборстун баласымын» - дейт
жолуккандардын баарына Мышык.
Чынын айтыш керек,
мына ушул кеп,
Айбанаттарга бүт тарады
желдей сызып.
Жокеңдин урматы үчүн дешип,
жан-жаныбарлар түп көтөрө келишип,
Өзүнчө эле күйпөлөктөн жүрүштү
Мышыкка салам беришип.
Көктөн издегени жерден табылып,
кайда жүрсө да кадырлуу сыйга кабылып,
Айтор,
арааны ачылды Мышыктын,
айланасы бүт май талканга малынып.
Жоругу курусун!
Жокеңдин баласы:
«Мынакей ушул, - деп - жашоонун жарасы».
Анын жүргөн жери,
күлгөн жери –
жоро-жолдошторунун арасы.
Жашырганда эмне,
жеп-ичкени да алардын маянасы.
Ошентип,
жыргалдуу турмуш өтүп арадан,
Күндөрдүн бир күнүндө,
укмуш кабар угулду,
талаа-түзгө чагылгандай тараган.



Көрсө,
Мышыктын атасы мышык эле экен,
эптеп күн көрүп чычкан кармаган.

Тамсилдин кыска баяны:
Терс жагына айланып,
минтип турганда иштин аягы,
Келечекти «көрө билип»,
тарс айлана чуркагандар баягы,
«Аттиң!» - дешти,
бармактарын кесе тиштешти,
Чачылып жок болгон
чыгымдарын эсептешти.

# СЫН КӨТӨРБӨС КАРЫШКЫР

Күндөрдүн биринде
жан-жаныбарлар чогулду.
Кезек келип калганбы?
Айтор,
Карышкырдын маселеси коюлду.
Алгачкы сөз Аюуга тийди,
Кашабаңды
катуу сындап кирди.
Ак сөздү аянбай айтып,
Аюукең адилет, билги.
Бирок
Карышкыр
мурутун жанып,
Улам ордунан тура калып,

сербеңдетип көтөрдү колун
сөз сүйлөөнү суранып.
Президиумдагылар:
– Коё тур! - дешти.
Ал эми жанындагылары,
айбанаттардын бир даары:
– Шүк олтур! - деп жемелешти.
– Эмнеге жөн олтурам?
болтурам дедимби, болтурам!
Аюуну алкымдан алып,
ак жүрөктүгүн койдурам!
Ошентип,
ой-бойго койбой,
Айрымдардын айтканына болбой,
Карышкыр катуу силкинип:
– Эй, туугандар!
эч нерсе түшүнбөй тургандар! -
деп баштады сөзүн,
кармай албай өзүн.
-Мен, эмне
уурдаптырмынбы
Кудайдын курутун?
Же силерге
жек көрүнүп турабы мурутум?
Эгер андай болсо
эмне үчүн сындабайсыңар
Эп-сынынан кеткен
эси жок Жолборстун мурутун?!
Чогулуш башталбай жатып,
чокулаш башталды,
Ар кимге агытып сөзүн



Карышкыр каарына салды.
Аз өттүбү?
Көп өттүбү?
Бир кезде басылып,
Кашабаңдын көктүгү,
же көңүлү чөктүбү?
Ордунан туруп, кетип калды.

Мына,
адилет сын айтуунун акыры!
Арабызда мындайлар кездешет
Кашабаңдан калышпаган акылы.

## КИЙИН БИЛДИК

Бир басмага
Карышкыр директор болуп
олтурган стол кучактап,
Салам айтып Коён кирди
бир топ
кол жазмаларын колтуктап.
Редактор
Коёндун тамсилдерине көңүл бөлдү,
Андан
жараксыз жерлерин көрдү.
Анан
шашпай кеңешин айтты,
Коён чыгармаларын алып,
эшикти
сыртынан катуу жапты.

Кийин билдик:
Коён Койду мактап,
Ит менен Эчкини жактап,
Карышкырды аттап кетиптир...

## ЭШЕК

Эшек элирип алганбы,
же таарынып калганбы?
Айтор,
арыз-муңун билдирип
ээсине кайрылды:
– Бул не деген кордук?
Айтсам кептин ачыгын
калыстык кылбай жүрөсүңөр,
Атты ардактап
мени «эшек» деп жаман көрөсүңөр.
Сыйрылып жон
салганыңар чом,
Деги,
ээр жапсаңар боло,
Көкүрөк сүйүнүп
көтөрүлүп калсын зоболо.
Айтса-айтпаса төгүнбү,
эбиреп-жебиресе да,
Эшектин сөзү эп көрүндү.
«Мынакей» - деп ээси
мыкты жасалган ээр тапты,
Жабуусу менен жараштырып



Эшектин үстүнө жапты.
Кубанычтан маңдай жарылып
Эшек эдиреңдеп жүгүрдү,
Эсинен чыгып үстүндөгү ээри
оронуп алды оро-парадагы күлдү.
Анан акырын туруп,
эч нерсе болбогондой күбүндү.
Ошондо ээси:
– Эшекке ээр жарашпайт экен, - деп,
эси жок айбандан түңүлдү.

## КОШОМАТЧЫ

Жолборстун зоболосу көтөрүлүп,
чоң кызматка келди.
Муну
кулагы чалган Түлкү
Жолборско келип,
атайылап салам берди:
– Оо, Жоке!
Саламатсызбы?
Иштериңиз кандай?
Деги,
кайгы-капаңыз жокпу кыпындай?
Жаңы ордуңуз
куттуу болсун!
Башыңызга
бак-дөөлөт консун! -
деп ийилип
салам айтат.

Ар бир сөзүн
бөлүп тактайт,
Жан-алы калбай
Жокесин мактайт.
Арадан
бир далай күндөр өттү.
Айыбы ачылдыбы,
айтор,
Жолборс кызматынан ыргып кетти.
Ушундан кийин
«Жоке» - деп
«Түкөсү» келбеди.
Кезиккен жерде
мурдагыдай
ийилип салам бербеди.

Мына,
адамдын «түлкүсү»
арабыздан кездешет.
Кошоматка
койду союп
өз пайдасын издешет.

## ЖАҢЫЛУУ

Чатак чыкпайт беле?
Чортон жасанып,
жаңы көйнөк кийбесе,
Айтор, алаамат башталды
ошол күнү кеч келсе.



Адатынча баягы,
алкынып Чортондун аялы:
– Кайда жүрдүң,
ким менен күлдүң? -
деп калбай жан-алы.
Сөздүн кыскасы
Тилдешкенде
тикенек сөздүн устасы.
Чортондо күн жок
чоюлуп минтип мушташуу.
– Билем! - дейт аялы,
билбесе да чаңырып.
– Жаңы көйнөк кийип кеттиң
мунун өзү жаңылык!
Демек, келдиң
кыз-кыркынга жагынып.
Аттиң дүйнө!
Арман мендеги –
тийген сага билбей жаңылып.
Мына тамаша:
Чортон чочулап
күзгүдөн өзүн караса,
Туруптур көйнөгү
турпатына жараша.
Айла канча,
аялым ачууланбасын деп,
Чортон да чорт мүнөз эмеспи,
эски көйнөгүн кийип эртеси,
ишине кетти эртелеп.

# Сатиралар

## КӨЧҮБАЙДЫН БАРКЫ

Көтөрүлүп Көчүбайдын баркы
аны урматташат,
Кадырлап сыйлашат
бир айылдын калкы.
Эбин тапса эки жеп
эбак бузулган алкы.
Дүйнөсү түмөн –
дүкөндү башкарат.
Алармандарын арбап
арамза каш кагат.
Күйпөлөктөп күлдүрүп,
сөзү менен өзүн сүйдүрүп,
тамаша сүйлөсө таш жарат.
Ырас,
ымыркайча баш калкалап,
Ырайподогу таякесине
жетип барат чапкылап.



Мунусу жакшы –
Таңсык товарларды таптырат.
Өңгөчүн тартып,
«өзгөчөлөрүн» каттырат.
Ошон үчүн аны
айылдаштары алкашат.
Алыс кетирбей
аруулап бекем кармашат.
– Мендей азаматыңар бар!
Дефицит десеңер мына!
Импорт кааласаңар ана!
Келгиле, тартынбагыла,
алгыла, аянбагыла!
Азаматыңар барында
алып калгыла!..
Баракелде-е,
айтканын кара!
Көчүбайдай көк жалдар
бекер жүрүптүрбү айылда?
Дефицит дегени,
импорт деп жегени
бүт эле пайда!
Мына, көрдүңөрбү,
Көчүбайдын баркы кайда?



## АЛЫБЕКТИН АЯЛЫ

Чоң сумкага,
агынан, кызылынан батырып,
Алыбек
дүкөндөн чыкты атылып,
«Өзгөчөлөр» – коньяк, шампан
койнунда келатты катылып.
Таңдайы катып,
үйгө жетүүгө шашты,
Эки кадамды
бир эле басты...
«Стакан, стакан» - деп,
шашылып эшик ачты...

Эртеси энтелеп
Алыбектин аялы,
Бошогон
бөтөлкөлөрдү көтөрүп баягы,
Келатты дүкөнгө
жерге тийбей аягы...

## АЛЫНА ЖАРАША

Мас деген
мас экен.
Соолорго
кас экен.
Андай
маска чыдаган



Асыл баш да
баш экен.
Мындайларды
кезиктирдим:
Аябай мас экен,
болгондо да
үчөө тең жаш экен.
Деги
эмнесин айтайын?
Алар
бардыгына маш экен.
Үчөө келет
бири-бирин кармап.
Автомобилдер өтөт
аларды жандап.
Бирөө «ЗИЛдин»
алдында кала жаздап,
Четке чыга берди
кудай жалгап.
Темтеңдешет
бири-бирин жетелеп...
Мас деген
мас да.
Бир кезде
денесин
Балчыкка бөлөп,
жатып калышты
бөлөк-бөлөк.

Мына тууган,
Адамды
акмак кылчу арак!
Ошондуктан,
жутуу керек
ал-акыбалыңа карап.

## ШОПУР

Шокенбай шопур болгону
шор тартып мурдун
оңбоду.
Эпилдеп эки ай минген соң
элүү күн жатып оңдоду.
«Кылган ишиң көрүнбөй,
дүрбөлөңүң таш жарат.
Деги кандай эрсиң?» - деп
начальник аны башкарат.
Шокенбай чыны эр экен,
«сол» жакка кетчү шер экен.
Чактабай чакча толтуруп,
бузулуп жаткан жери экен.

## БЕШИНЧИГЕ...

– Келе, тууган,
беш сомдон жыйнап келем.
– Деги, тынччылыкпы,
эмненин урматына берем?



– Алигиче уга элексиңби?
Төкөм үйлөнөт экен.
– О, кокуй, бул канчанчысы?
– Төртүнчү аял алышы.
– Анда мен бербейм!
– Эмне үчүн? - деп,
курбу-курдаштар таң калышты.
– Беш сомду бешинчисинде берем...

Жакшы айтылдыбы ушул кеп,
элдин баары күлүштү.
Айтор,
эки жылдан кийин
«Төкөмдүн бешинчи аялы» - деп,
беш сомдон чогултуп жүрүштү.

## КАЙДА ЖҮРГӨН?..

Кайдан-жайдан
эч ким билбейт
коогалуу ушак тараган,
Ажырашып жаш жубайлар
калды ортодо – эки кыз,
Тааныштары
келди жакын санаган.
Божурашып
акыл айтып киришти,
«Каап!» дешти
катуу сындар айтышты,
Айрымдары

сөз таба албай ымдашып,
Айтор, баары
акыл айтып кайтышты.
Бирок кызык!
Буга чейин
кайда жүргөн тааныштар?
Келсе болмок акыл айтып,
жок дегенде бир сапар.

## ТЕЛЕФОН КОЙДУРГАНДА

– Кошуналар да койдурду,
телефон дегенди баягы! -
деп өзүнчө кайгы жеп,
наалыды Надырдын аялы.
Акыры телефон коюлду,
бирок
эмне болор экен аягы?
Телефон деген мыкты экен!
Аны
бирде күйөөсү,
бирде аялы...
Айтор,
үйдөгүлөрдүн баары,
Колдоруна кармап бекем,
каалаган жагына чалышты.
«Срочный» дешип,
Сибирден бери алышты.
Кыскасы,
кызыккандыкпы



же муктаждыкпы?
Иши кылып,
телефонду «минип»,
барбаган жерге барышты.
Кудай берген экен деп,
кур бекерге маарышты.
Анткени
бир ай толук аяктап,
Телефондун теңгеси
жеткен тура,
жети жүз сомго тапатак!..
Ошондо эсине келип,
наалып кирди Надыр,
аялына жулуна берип:
– Эй, акмак!
Сенин кылганың мына!
Макул эмесмин мунуңа!
Эмне карматасың,
эси жок уулуңа! -
деп ачуулана кетти.
Телефонго күчүн чыгарып,
ыргыта тепти.
Ошентип,
телефон жок болду.
Ушундан кийин
уруш-талаш токтолду.

## УШУНДАЙЛАР ДА БОЛОТ

Элдин баары жулунуп,
«сиз» дегендер «сен» дешип.
Түрткүлөшөт, тартышат,
жаткан сымал мелдешип.
Тааныштарын чакырат
көз ымдашып «кел» дешип.
Маңдайынан тер кетип,
бирөө топтон суурулат.
Билбейм ага не болгон
сүйлөй албай буулугат.
Колундагы акчалар
чачылат улам бириндеп.
Ачуусу чыгып бетине
алиги киши дирилдейт:
– Акча, акча, акча...
тарт бутуңду лөкүйбөй
он сомдукту баспа!
– Кезек келип калды
кекирейбей кач мындай!
Шодокондун бүркүтүндөй
шоңкоюп турбай.
Чуру-чуу уланып,
чуудан чыккандар көп
көл-шал болуп бууланып.
Кезеги келсе да
кезегине жетпей,
Топтон сүрүлүп чыгат
айрымдары четтей.
Кайрадан чабуул башталат,



карбаластап арманда...
Ушундайлар да болот:
маяна алганда,
импорт сатылганда,
же пивонун кезегинде турганда.

## СООЛУКТУРУУЧУ ЖАЙДАН...

Алыбек көчөдөн жолугуп,
баягы адатынча оолугуп:
– Ээ, дос! Кандай?
Кыйынчылык жокпу кыпындай?
Түшө калгансып айдан
келе жатасың кайдан? -
деп калды,
жан-алы калбай тоорулуп.
– Өзүң кайдан?
– Ток этер жерин айтсам...
соолуктуруучу жайдан.
– Оо, кайран!
түгөнүп турган экен айлаң.
– Ошон үчүн бирдеке дейли,
өткөн иш өттү
такыр кейибейли.
Андан көрө ресторанга кирели,
өлбөгөн жанга
эмнеси бар экенин билели.
Айтор,
бал сөзгө салды.

– Жок! - дедим
жөнөй бердим.
Колтуктап алды:
– Сени дос экен десем,
ушунчалык белең?!

## ТҮНДӨ

Күндөрдүн биринде,
түн жарымы болгондо.
Жо-ок,
бар болгону ондордо.
Өз үйүндө,
өлөң төшөгүнө,
Барбаңбай баш койгондо.
Бирөө келди окшойт,
эшик кагылды.
Чырм эткен аялы турду,
чырак жагылды.
Барбаңбай шашып,
акыл-эсин уйку басып,
аялына жалынды:
– Кокуй, өлдүм,
кирип келсе көрдүм!
Балээден баанек бололу,
беките көргүн!..
Аялы аң-таң болду,
таптакыр түшүнбөй буга.
Көрсө, Барбаңбай
башка бирөөнүкүнө жаткандай,
жан алакеттен кеткен тура.



## О, АДАМДАР!

Ойдон жалган чыгарып,
кагышты го кадырлаштар.
Кайран беттер кызарып,
ушу биздин арабызда
жүрөт бирөө – жүдөмүш.
Өчү бардай баарыбызда,
айтор, аның өлүмүш.
Кагышарбыз,
айтышарбыз,
ала мышык аттап арадан.
Мезгил – чынчыл,
табышарбыз
«мен-сен» дешип кайрадан.
О, курдаштар,
кадырлаштар!
Беш кол баары тең эмес.
Кайгырып не,
кадыр-көңүл табылар.
Жүдөмүштөр,
жүрө берсин көп эмес.

* * *

Жамандапсың бирөөлөргө:
«Ушул бала начар» - деп.
Капа эмесмин бул «өнөргө»,
Айтылса да нечен кеп.

Чындыгында чычалоого акым жок,
Кемчилик бар, анымды өзүм билемин.
Не болсо да болор эле кардым ток,
Мен жөнүндө түптүз болсо тилегиң.

Көзү жокто көө сыйпаган,
Көөдөнүңө ыракмат.
Эсен болсок эл ичинде,
Кайда бармак бир акмак?!.

## МОЛДО ЭСЕПТЕН ЖАҢЫЛГАНДА

Сегиз молдо селде чалынган,
Элди аралап жүрүштү абыдан.
Чогултуп битир алышты,
Бир айылдан, элдин баарынан.

Дүйнө толду, байлык жыйналды,
Бек тутушкан бекер ыйманды.
Молдокелер маарый түшүштү,
Кайран эшек, жүктөн кыйналды.

Алкым толбой түтүн санашты,
Эсептөөдөн эпсиз адашты.
Сегиз үйдүн санын таба албай,
Үңкүйүшүп үйгө тараашты.

# *Пародиялар*

## САТУУЧУ КЫЗ

*«Салкын неге көз карашың,*
*сатуучу кыз,*
*Садагасы мынча неге*
*сабырың суз?»*

*(Асан Жакшылыков)*

Сатуучу кыз, садагасы!
Сабырың суз, муңайбачы.
Көз карашың көңүл бузат,
Сырыңды айтчы, уялбачы.

Сатуучу кыз, садагасы!
Салкын болбой күлүп алчы.
Эт-жүрөгүм бошоп барат,
Мага минтип карабачы.

Сатуучу кыз, садагасы!
Саамайыңды тарап алчы.
А кишилер арбын жүрөт,
Айлананды карап алчы.

Сатуучу кыз, садагасы!
Эмне, бүгүн соодаң азбы?
Ашык берип беш-он тыйын,
Же бирөөгө алдандыңбы?

Сатуучу кыз, садагасы!
Санаа тартып саргайбачы.
Алдап кетсе сен да алдайсың,
Турмуш жолу дайым кайчы.

## КАРЬЕРИСТТИН МОНОЛОГУ

*«Кээ бирөөнүн жалай жаздап таманын,*
*Өйдөлөөдө менин кызмат абалым.*
*Ошолордун туурап жүрүп кабагын,*
*Суз тартууда менин дагы кабагым».*
*(Жалил Садыков)*

Өйдөлөсө менин кызмат абалым,
Бирөөлөргө кор болбосун таманым.
А бирөөлөр мени туурап жылмайса,
Суз тартууда аны көрүп кабагым.

Тууган тутпайм кошоматтын адамын,
Туурап баспайм ошолордун кадамын.



Ошолорду көлөкөмө жеткирбей,
Ошолордон качып барат карааным.

Алар күлсө албууттанып жан-алым,
Ачуу менен беттен ары чабамын.
Күлбөй калса ошол замат бурулуп,
Ошол жерден дароо кетип каламын.

Көңүлүмө көкташ сындуу жагаарын,
Бирөө билбейт, куруп калсын аларың!
А мен болсом адал иштеп, ак жүрүп,
Акырындап жогорулап барамын.

## ЖАШАГЫЛА ЖОМОКТО

*«Ажыдаарлар,*
*Азезилдер,*
*Шайтандар!*
*Айткылачы, дагы толгон канчаң бар?*
*Силер менен билек түрүп кармашам,*
*Мен эмесмин алдыңарга тайсалдаар».*
*(Токтосун Самудинов)*

Ажыдаарлар, азезилдер, шайтандар!
Аюу, жолборс, сүлөөсүндөр, маймылдар!
Айтор, баарың түп көтөрө келгиле,
Мен силерди алдап кетер айлам бар.

Керек болсо билек түрүп кармашам,
Жаман болсоң жаныңды алам, жармашам.

Жомоктордо дайым жашап каласың,
Эгер бирөөң айткан тилди албасаң.

Албарстылар, мастан кемпир, перилер!
Ачуулансам бүт бардыгы жеңилер.
Ошон үчүн жөн жашай бер жомокто,
Үлгү алышсын биздин балдар, инилер.

## МАКСАТ

*«Сезилбейт жашап жаткан жылдар мага,*
*Сезимде башка түйшүк, башка санаа.*
*Баратам мен ырларга, ырлар мага,*
*Келатат кубаттуу да, башкача да».*
*(Жолон Мамытов)*

Сезилбей ушул жашоо, ушул жылдар,
Сезимден өчүп барат көп кылымдар.
Тартылып мен ырларга, ырлар мага,
Өмүрдө өр ашырган түйшүктөр бар.

Көп эмес чындыгында мунун баары,
Сезимде башка түйшүк, максат жаңы:
Жер бети жексурлардан сак болсо экен,
Жоголуп «Скайлебдин»[1] сыныктары.

Бейкутка белден батып бүт жер шары,
Өчпөсүн өмүр, жашоо, адам жаны.
Кырсыктан балакетсиз өтүп кетсем,
Кызыймын улам жазып ырлар жаңы.

[1] Кыйрап, сыныктары калаа үстүнө түшкөн америкалык космостук корабль.

# Мазмуну

**Ырлар**

Атама ........ 3
Ысык-Көл ........ 4
Султан агайга ........ 4
Тойдо ........ 6
«Билбейм кантип капа кылдым өзүңдү» ........ 6
«Жылт этип жымыңдап жылдыздар» ........ 7
Аруулук үчүн ........ 8
«Арга канча, болдум сага мен ашык» ........ 9
Мезгил жана биз ........ 10
Ошол күн ........ 10
«Бүткүл денем алоолонуп от болуп» ........ 11
«Өмүрүмө өчпөй турган шам болуп» ........ 12
Ак-Буура ........ 12
Уулума ........ 13
Атаке ........ 13
Адаттар ........ 14
Сагынуу ........ 15
«Изденем, ырлар жазам эч бир тынбайм» ........ 15
Тагдыр ........ 17
Жыл сапары ........ 17
Чакыруу ........ 18
Жаштарга каалоо ........ 19
Бостондун монологу ........ 20
Аман бол ........ 22
Жашоо – күрөш ........ 23
Элеттиктер ........ 25
Айылдагы шаар ........ 26
Суранам ........ 28
Бугум ичте ........ 28
Өмүр берсин ........ 29
Балдак ........ 30
Апа ........ 30
«Үзүлбөгөн үмүттөрдүн жолунда» ........ 31
«Талбай издеп бул жашоомдо бактымды» ........ 31
«Экөөбүз кол кармашып кетеличи» ........ 32

32
Канат керем ... 32
Булбул жана аппак гүл ... 33
Мен жана түн ... 35
Күз келди ... 36
Карылар ... 37
Сен адамсың (*Төрт саптар*) ... 38
Сүйөлү ... 39
Тагдыр ... 41
Ай нуру ... 41
Күн нуру ... 42
Көзүмдөн көздөрүңдү ала качып... ... 42
Сүйлөбөчү ... 43
Куплеттер ... 44
Жаңы мектеп ... 45
Махабат саптарынан ... 45
«Коштошуу кыйын го» ... 46
Эсимде ... 46
Мейли эле ... 47
Сугатчы ... 47
Байге ... 48
Күндөр – жебе ... 49
«Басып өтүп ылдамдыктан бүт баарын» ... 49
Улгайбай турган өмүр жок ... 50
Бир күн... ... 51
«Билбеймин белгисиз үмүт бар» ... 52
Кечир жаным ... 52
Сен... сен... ... 53
«Тартынбачы, таалайыма күн болчу» ... 53
Казанда эмес, заманда ... 54
Патир ... 56
Эне мээрими ... 58
Жеңилбейбиз ... 59
Жети күн ... 64
Улуу дайра ... 67
Бала ... 69
Кылыч ... 71
Тагдырдын тамашасы ... 74
Чабарман ...


**Тамсилдер**


Бут менен Өтүк ... 76
Каалга жана Кулпу ... 78
Короз менен Каз ... 80
Жакшылыкка жамандык ... 81
Чычкан ... 81
Мышык – студент ... 83
Жолборстун «баласы» ... 84
Сын көтөрбөс Карышкыр ... 85
Кийин билдик ... 87
Эшек ... 88
Кошоматчы ... 89
Жаңылуу ... 90


**Сатиралар** ... 92


Көчүбайдын баркы ... 94
Алыбектин аялы ... 94
Алына жараша ... 96
Шопур ... 96
Бешинчиге ... 97
Кайда жүргөн? ... 98
Телефон койдурганда ... 100
Ушундайлар да болот ... 101
Соолуктуруучу жайдан ... 102
Түндө ... 103
О, адамдар! ... 103
«Жамандапсың бирөөлөргө» ... 104
Молдо эсептен жаңылганда


**Пародиялар** ... 105


Сатуучу кыз ... 106
Карьеристтин монологу ... 107
Кашагыла жомокто ... 108
Максат ...

*Көркөм-адабий басылма*

Эсенбай КАЛДАРОВ

**МЕЗГИЛ жана МЕН**

*Ырлар, тамсилдер, сатиралар, пародиялар*

**Бишкек, «Турар» басмасы**
*(Кыргыз тилинде)*

**Редактору** ***Ж. Теңирбергенова***
**Көркөмдөгөн жана компьютердик калыпка салган**
***Ж. Кудабаев***

**Басууга 05.02.2019-ж. кол коюлду.**
**Форматы 60х84 1/16. Көлөмү 7 басма табак.**
**Нускасы 500. Заказ № 1880.**

**«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.**
**720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.**

74с.



**ЭСЕНБАЙ КАЛДАРОВ**
(1951–2009)

Ноокат районундагы Көк-Бел айылында туулган. «Ленинчил жаш», «Советтик Кыргызстан», «Эркин-Тоо» гезиттеринде эмгектенген. «Кыргыз тили» коомунун «Эне тили», Кыргыз Мамлекеттик телерадио корпорациясынын «КТР-Обо», Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын «Кыргыз тили» гезитин негиздеп, жетектеп келген.

Ал Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1994), Журналисттер союзунун сыйлыгын (1982), КМШ Журналисттер сыйлыгын (1991), Кыргыз Өкмөтүнүн социалдык-экономикалык маселелери боюнча журналисттер сыйлыгынын (2001), Төлөн Насирдинов атындагы республикалык журналисттер сыйлыгын (2001) ээси, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Алтын калем» сыйлыгынын (2002) лауреаты болгон.

Э.Калдаровдун калемине таандык «Жок деп коюңуз» (Юмордук аңгемелер, 1984), «Абдыашым Көбөгөнов» (чыгармачылык портрет, 1987), «Миң бир күн» (роман, 1-том, 2004), «Миң бир күн», (Роман, 2-том. 2011) ж.б. бир катар китептери жарык көргөн.